Такийюддин Набахоний

# ТАПКЫРЛЫК

**ХИЗБУТ-ТАХРИР**
**БАСЫЛМАЛАРЫНАН**
**1427-х. – 2006-м.**

Аят маанилеринин котормосу

Окурмандар эсине: Куран аяты деп аяттын араб тилиндеги текстине карата айтылат. Ушул китеп ичинде курсив менен берилген кыргыз тилиндеги текст аят маанилеринин котормосу болуп саналат.

ﷺ - соллаллоху алайхи ва саллам
﵁ - розияллоху анху/анха
﵇ - алайхис-салам

Такийюддин Набахоний. Тапкырлык
Кыргыз тилиндеги биринчи басылышы
1427-хижрий – 2006-миладий

بسم الله الرحمن الرحيم

## ТАПКЫРЛЫК

Тапкырлык – бул нерселерди тез түшүнүп алып, алардын үстүнөн тез өкүм чыгаруу. Мисалы, сизден бирөө: «Сиз каердensis?» - деп сураса, сиз анын эмне максатта сурап жатканын, бул суроонун артында эмне жашырынып жатышы мүмкүн экендигин тез эле түшүнүп жетип, анын үстүнөн тез арада өкүм чыгарсаңыз, демек, сиз – тапкырсыз. Мындай абалда ага ушул тапкырлыгыңызга ылайык жооп бересиз. Дагы бир мисал: Шаарга бир чиновниктин келе жатканы жөнүндөгү кабарды угар замат, сиз бул зыяраттын максатын тез түшүнүп алсаңыз, демек, сиз – тапкырсыз. Ушул тапкырлыгыңызга карай кылышыңыз керек болгон иштерди белгилеп аласыз. Дагы бир мисал: Алдыңызга күтпөгөн адамыңыз кокусунан келип калса, сиз тезинен анын келиш себебин түшүнүп алсаңыз, демек, сиз – тапкырсыз. Ушул тапкырлыгыңызга карап аны тосуп аласыз.

Демек, тапкырлык – мейли, ал тез түшүнүү жана тез пикир жүргүзүү маанилерин түшүндүрсө да, негизинен – ал сизге кезигип жаткан иш үстүнөн тез өкүм чыгарышыңыз. Ошентип, тапкырлык – нерселер үстүнөн тез өкүм чыгаруу. Себеби, нерселер үстүнөн өкүм чыгаруу – мейли, ал түшүнүү жана пикир жүргүзүүнүн натыйжасында жүзөгө келсе да, негизи – ал түшүнүү же пикир жүргүзүүнүн өзү.

Тапкырлык – бул табигый же тубаса идирек кылуу.

Анын лугавий (лексикалык) мааниси кандай болушуна карабастан, бул орунда андан көздө тутулган нерсе – табигый же тубаса өкүм чыгаруу жана табигый же тубаса аңдоо. Табигый же тубаса дегенимдин себеби, бул иште бир аз убакыт жана зээнди иштетүүгө муктаждык сезилбейт. Ал өз-өзүнөн, автоматтык түрдө пайда болот. Кабардын келиши, же суроонун берилиши, же болбосо, капыстан бир иштин болушунун өзү эле аңдоо же пикир жүргүзүү талап кылган бардык нерсенин ордун ээлеп, ошол замат өкүм чыгарып берет. Ошондуктан, тапкырлык же тезинен өкүм чыгаруу – терең же жаркын пикир жүргүзүү менен карама-каршы болбосо да – аста-секин пикир жүргүзүү менен карама-каршы келет. Себеби, анын этибарлуу жери булак эмес, тездик. Мисалы «Сиз каерденсиз?» деп берилген суроодо, сиз тезинен суроо берүүчү жөнүндө, суроонун

тону жана андагы шарт жөнүндө пикир жүргүзүп, анын максатына жетип баргансыз. Бул терең тафаккур (пикир жүргүзүү). Себеби, суроо, суроо берүүчү жана шарт туурасында пикир жүргүзүүгө, андан көздөлгөн максатка жетип баруу оңой эмес. Демек, бул жердеги тапкырлык терең пикир жүргүзүүдөн пайда болду. Дагы бир мисал, кимдир бирөөнүн визити туурасындагы кабарды угар замат, визитке келүүчү, анын мамлекети, анын бул визитинен мурун болуп өткөн иштер жана анын натыйжасында жүзөгө келе турган иштер туурасында пикир жүргүзүп, андан көздөлгөн максатты ылгап алышыңыз – бул жаркын пикир жүргүзүшүңүз болот. Себеби, сиз нерсенин өзү, анын айланасындагы нерселер жана ага байланыштуу нерселер жөнүндө пикир жүргүзүп, өкүмүңүздү чыгардыңыз. Демек, бул жердеги тапкырлык жаркын пикир жүргүзүүдөн пайда болгон. Дагы бир мисал, кимдир бирөөнүн капыстан келип калганына таң калгансыз. Мына ушул таң калышыңыз сизди андагы максатты түшүнүүгө алып барган. Бул терең да, жаркын да эмес, жөнөкөй пикир жүргүзүү. Бирок, тапкырлыкты – түшүнүү же пикир жүргүзүүнүн өзү эмес, балким – аларга негизделген тез өкүм чыгаруу пайда кылат. Ушуга ылайык, тапкырлык тез пикир жүргүзүүдөн пайда болот. Анын терең же жаркын, же жөнөкөй болушунун айырмасы жок. Тапкырлыктагы негизги нерсе – пикир жүргүзүүнүн булагы эмес, тездик.

Ушуга караганда, тапкырлык аста-секин пикир жүргүзүүгө тескери келет, бирок, терең, жаркын жана жөнөкөй пикир жүргүзүүгө тескери келбейт. Себеби, бул жерде эң негизгиси – тездик. Тапкырлык элдер, улуттар, шахстар (жеке адамдар), жамааттар жана топтордун баары үчүн зарыл бир иш. Себеби, башка адамдар менен, же башка улуттар жана элдер менен, же иштерди башкарууда турмуш деңизине шуңгуу ансыз болбойт. Анткени, турмуш деп аталган согушта б.а. жашоо үчүн күрөштө жеңишке жетүү үчүн эки иш зарыл. Алардын бири – нерселер үстүнөн тез өкүм чыгарып, ошого жараша иш тутуу. Мындай кылынбаса, ийгиликсиздикке учуроо менен турмуш жүгү оорлошуп барат. Мезгил өткөн сайын тоскоолдуктар көбөйүп, жүк дагы да оорлошо берет. Мындай абал жашоо үчүн күрөштө уттурууга алып барат. Экинчиси, жашоо үчүн күрөштө кишини баскычма-баскыч өйдөгө тез алып чыга турган нерсе – ага берилген фурсаттар (оңтойлуу учурлар). Бул фурсаттар менен ал аралыктарды кесип өтөт. Фурсаттан пайдалана билбесе, ал

өтүп кетет. Фурсат кайтып келбеши да мүмкүн. Ушуну менен, андан пайдалануудан куру калат. Арты-артынан фурсаттан падаланылбай кала берсе, өнүгүүдөгү тездик жоголуп, ордунда токтоп, катып калат жана жашоо үчүн күрөштө жеңилет. Булардын баарынын себеби, тапкырлыктын жетишпегендигинде. Ошондуктан, жашоо үчүн күрөштө ийгиликке жетүү үчүн тапкырлык зарыл бир иш. Ал таалим, тафаккур, даярдык, ойлоп табуу, өнөржай, соода, дыйканчылык жана башка иштер аркылуу турмуш согушунда жеңип чыгуу үчүн керек болот. Эгер аларга тапкырлык жолдош болбосо, алардын кадыры калбайт. Мамлекеттер, элдер жана улуттар согуш майданында душманды ишке жараксыз кылып коюуга этибарларын каратышат. Бул жаатта болсо, тапкырлыктан көрө этибарлуу фактор жок. Ошондуктан, алар т.а. элдер, улуттар жана мамлекеттер – душманды иштеп чыгарууга (өндүрүшкө) кудурети жетпей турган, арты-артынан бардык оңтойлуу учурларды колдон чыгара турган шал абалга келтирүү үчүн – андан тапкырлыкты алып таштоого көңүл бурушат.

Мына ошондо алар үчүн жеңишке жетишүү, колония кылуу, басым жана таасирин өткөрүү жеңил болот. Батыш – Ислам диярына жана Исламий мамлекет жарандарына каршы маданий-маърифий согуш баштаган болсо да, салтанатын кең жайып алган соң, тапкырлыкты жоготуу максатында, аларды пикир жүргүзүү, акыл иштетүүлөргө кызыктыра баштады. Бул жаатта теңдешсиз ийгиликтерге жетишти. Улут шал абалына жетейин деп калды. Адамдар терең пикир жүргүзүү, тыкан ойлоо, жакшылап мулахаза кылуу (ойлоп-текшерип көрүү), шашылбоо сыяктуу нерселерге оролошуп калып, жашоо үчүн күрөштө жеңишти колдон чыгарышты. Канчалаган козголоң жана согуштарга карабастан, колонизаторлук салтанатын жана таасирин кууп жибере алышпады. Себеби, алар кичинеби-чоңбу, ар бир проблемада терең пикирлөө жана тыкан ойлоолорго эт-бетинен кетип, фурсатты колдон чыгарышты. Канчалаган оңтойлуу учурлар өтүп кетти. Алардан пайдалана алышпады. Натыйжада, баскычма-баскыч көтөрүлүү кыйрап жок болду. Акыры барып, механикалык философияларга көмүлүштү. Иштер чиеленишти, аныктык жоголду. Бул механикалык философияларга эт-бетинен кетүүнүн акыбети болду. Туура, ушундай да иштер бар, алар тууралында философиялык ой жүгүртпөй коюунун ылаажысы жок. Алар тикеленүү, азаттык, чебердик жана ушуга окшогон татаал иштер.

Алардын азыркы абалы менен чектелбестен, аларды терең изилдөө, алар тууралуу философиялык ой жүгүртүү зарыл. Ал эми, стул, чыны, табак сыяктуу ачык көрүнүп турган, пикир жүргүзүүнүн кажети болбогон нерселер туурасында терең пикир жүргүзүү жана философиялык ой жүгүртүү туура эмес. Аларды ушундай бойдон кабыл алып, атын айтуунун өзү менен чектелүү керек. Механикалык философия же механикалык пикир жүргүзүү – бул эч кандай жашыруун жери болбогон, атын айтуунун өзү менен түшүнүлүп кете бере турган ачык көрүнүп тура турган нерсе туурасында философиялык ой жүгүртүү. Мисалы, отургуч – бул отургуч. Ал туурасында философиялык ой жүгүртүп, терең пикир жүргүзсөңүз, чиеленүү көбөйүп, аны түшүнбөй турган болуп каласыз. Ал жөнүндө философиялык ой жүргүртүүңүз канчалык көп болсо, чиелик да ошончолук артып барат. Батыш бизге акыл иштетүү, пикир жүргүзүү, тыкан ойлоо, жакшылап үйрөнүү, жети өлчөп бир кесүү сыяктуу иштерди чырайлуу кылып көрсөттү. Ушуну менен биз тапкырлыгыбызды жоготтук. Мунусу да аз келгенсип, механикалык философияга өтүп алдык. Айрымдарга: «Мугомара кылгыла, эмнеге мугомара кылбайсыңар?» - делди. «Мугомара» сөзү «ойлоп отурбастан бир ишти кылуу», «өзүн коопко салуу» маанисин түшүндүрөт. Бирок, алар мугомараны да механикалык философияга салып: «Биз арзыбаган, керексиз мугомара менен эмес, тыкан ойлонулган, жакшылап үйрөнүлгөн мугомара менен алектенебиз», - дешти. Бул сөздөр мугомара философиясы болуп, ал да механикалык философия сыяктуу. Эгер сиз мугомара туурасында пикир жүргүзүп, аны жакшылап үйрөнө турган болсоңуз, ал мугомара болбой калат. Мугомара философиясы ал туурасындагы элести жатыркатып, аны өз акыйкатынан чыгарып жиберет. Механикалык философия да ушундай. Эгер адамдар өздөрүнөн өздөрү механикалык философия жолунан жүрө турган болуп калышса, алар үчүн тапкырлык жат-бегене болот.

Ооба, пикир жүргүзүү, тыкан ойлонуу зарыл. Өткөн заманда «Шашкан шайтандын иши» делген. Бирок, ал үйрөнүүгө, изилдөөгө муктаж болунган иштерде гана болот. Аларга муктаждыксыз иштерде болбойт. О.э. үйрөнүү жана изилдөөгө муктаж иштер да, убактысы өтүп кетпеген болсо, пикирлөөгө шарт ыңгайлуу болсо, үйрөнүлөт, изилденет. Ал эми, шарт пикирлөөгө туура келбесе да пикирлей берсек, анда ыңгайлуу учур колдон кетет, же ал кыйроого алып

барат. Себеби, ал тапкырлыкты жоготот. Ошондуктан, жашоо үчүн күрөштө элдер, жамааттар жана топтордун ийгиликке жетиши үчүн тапкырлык зарыл. Жашоо үчүн күрөштө жеңип чыгуу үчүн тапкырлык болушу керек. Ал мына ушул жеңиштин шарттарынын бири.

Турмуштагы абалдар, иштер ар түрдүү. Алардын жолдору ар түрдүү. Ыңгайлуу жана ыңгайсыз, жеңил жана оор дегендей. Убакыт болсо алтынга тете, атүгүл, андан да кымбат. Ушундай болгон соң, абал, шарт жана иш менен эсептешпей аргабыз жок. Пикирлөө керек болгон орунда пикирлеп, тапкырлык керек болгон орунда тапкырлык менен иш тутуу лазым. Биз бардык нерсени тапкырлык чечет демекчи эмеспиз. Бир канча иштер бар, аларды тапкырлык чече албайт. Анда пикирлөө зарыл болот. Дагы бир канча иштер бар, аларда пикирлөө зыяндуу, аларда тапкырлык керек болот. Мисалы, таърифтер (аныктамалар), шаръий өкүмдөр жана илимий иштер тафаккурсуз чечилбейт. Аларга тапкырлык аралаша албайт. Бирок, кокустан жүзөгө келе турган окуялар, арамза ниетте берилген ыплас суроолор жана шашылыш иштердин баарында тапкырлык зарыл. Буларда терең пикир жүргүзүү туура болбойт. Эгер аларга тафаккур аралашса, анда анын бул иштерди ого беттер чиелештирип жиберишинин, же убакытты текке кетиришинин, же муфаккирдин аракетин сая кетиришинин же бирер зыян келтиришинин коркунучу бар. Турмушта пикирлөө керек боло турган иштер да, тапкырлык керек боло турган иштер да бар. Жашоо үчүн күрөштө абалга карай иш тутулат. Эгер, балагат – сөздүн абал талабына ылайык келиши болсо, жашоо үчүн күрөшкө кирүү – абалдын талабына карай иш тутуу болот. Эгер тафаккурду талап кылса, пикир жүргүзөсүз. Эгер тапкырлыкты талап кылса, тапкырлык кыласыз. Жашоо үчүн күрөштө тафаккур канчалык керек болсо, тапкырлык да ошончолук керек. Биз тафаккурду сындамакчы эмеспиз. Себеби, ал турмуш үчүн зарыл. Биз механикалык тафаккурду сынга алабыз. Турмушту тапкырлыксыз калтырууну сынга алабыз.

Тафаккур турмуш зарылдыктарынын бири. «Адам – сүйлөй турган айбан (хайван)» делгенде, анын пикирлеши назарда тутулган. Себеби, адамды башкалардан ажырата турган нерсе, анын пикирлей алышы. Акыл чыныгы мааниде пикир жүргүзүү дегени. Айбандар, аларда мээ болсо да, пикир жүргүзө албайт. Себеби, аларда акыл жок. Эмнеге дегенде мээнин өзү пикирлөөнүн жүзөгө келишине

жетиштүү эмес, пикирлөөдө андан башка нерселер да керек болот. Ошондуктан, тафаккур тафаккурдугу жагынан адам касиеттеринин бири болуп саналат. Пикирсиз, акылсыз адам болушу мүмкүн эмес. Тафаккур тафаккурдугу жагынан адамдан жок болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан, тафаккурга чабуул кылынбайт. Балким, суз тафаккурга б.а. тапкырсыздыкка чабуул кылынат. Себеби, тапкырлык жашоо үчүн күрөштө, жеңишке жеткиришинен тышкары, анда катышуу үчүн зарыл бир иш.

Тапкырлыкта үч иш бар. Биринчиси – анын аныктамасы т.а. ал эмне? Экинчиси – анын амалий вакиъси (иш жүзүндөгү акыйкаты). Анткени, анын аныктамасын же анын эмнелигин билүү анын амалий вакиъсине алып барса да, баары бир ал вакиънин өзү эмес. Мисалы, сиз кокустан бир ишке туш болсоңуз жана ага карата туткан турумуңузду белгилешиңиз талап кылынса, анда тапкырлык көрүнөт. Бирок, ал али тапкырлыктын өзү эмес. Себеби, тапкырлык анын үстүнөн тез өкүм чыгарышыңыз жана бул өкүмдүн сизге кандай иш тутушуңузду же тутушуңуз керектигин белгилеп бериши. Кокустан жүзөгө келе турган иштин өзү – мисалы, күтүүсүз бир суроого кабылуу, күтүлбөгөн душманга туш келүү, ойдо жок проблемага учуроо – бул тапкырлыктын өзү эмес, балким, тапкырлык колдонула турган орун. Үчүнчүсү, ушул экөөсү туурасында т.а. тапкырлык пайда болгон вакиъ жана тапкырлыктын өзү туурасында турмуштан мисалдар келтирүүнүн, иш тутуулардан мисалдар келтирүүнүн пайдасы болсо да, зарылчылыгы жок. Себеби, алар бир вакиъде же бир жолку тапкырлыктын өзүндө бир нече кыл болот.

Эгер тафаккур менен тапкырлыктын арасындагы айырманы түшүнүп алган болсок, анда эми адамдарда, айрыкча, тапкырлыгы болбогон кишилерде кантип тапкырлыкты пайда кылуу керектигин т.а. кантип аларда бул касиетти тарбиялоо керектигин билип алышыбыз керек. Адамдар эки түрдүү болушат. Биринчи түрдөгү адамдар илимий талкуу ээлери жана алар сыяктуулар. Алар илимий талкуу кишилери жана мукаллид болбогон саясатчылар сыяктуу тафаккур менен алектене турган адамдар. Экинчи түрдөгү адамдар – амма адамдары (жалпы элдик масса). Алар окурмандар болобу, башкалар болобу, айырмасы жок. Мукаллид (таклид кылып ээрчүүчү) саясатчылар да ушуларга кирет. Үммөттөгү адамдар мына ушулар. Себеби, үммөт кишилеринин негизги (асл) иши же тафаккур, же маддий (материалдык) иштер болушу керек. Адамдар ушул эки

бөлүктөн тышкарыга чыгышпайт. Бир бөлүктүн абалы башкасыныкынан айырмаланат. Ушуга караганда, аларда тапкырлыкты пайда кылуу жана аны тарбиялоо да айырмалуу болот. Себеби, пикирлөөгө адаттанган адам кез-кезде пикирлей турган адам болбой калат. Ошондуктан да, алар менен иштөө бир-биринен айырмаланат. Негизги иши тафаккур болгон кишилерден көрө катардагы адамдарда (мукаллид саясатчылар да ошолордон) тапкырлыкты пайда кылуу жеңилирээк болот. Себеби, катардагы адамдарда тафаккур кылуу негизги эмес, кез-кезде боло турган иш. Алар табиятынан пикирлөөчү т.а. адам сүйлөөчү-пикирлөөчү айбан болгондуктан, алар менен иштөөдө аларды тапкырлыкка адаттандыруунун өзү жетиштүү болот. Ошондо тапкырлык алардын өздөрү кылып жаткан иштеринде да табигый бир абалга айланат. Мисалы, жыгач усталар, зергерлер, жумушчулар, кол өнөрчүлөр, дыйкандар, баёо адамдар менен иштөөдө аларга мисалдар берип, кайра жооп алуу, кийин болсо аста-секин татаалыраак мисалдарга өтүү жана ушундай түстө үзгүлтүксүз иштөө керек болот. Мына ошондо тапкырлык аларда адаттагы жана табигый абалга айланат. Мисалы, алардын бирине: «Ишиңде кокустан бир проблемага туш келип калсаң, аны кантип чечесиң?» деген суроо берилет. Эгер ал бир нече жолу туура жооп берсе, аны менен кийинки татаалыраак маселеге өтүү оңой болот. Эгер туура же ката болсо да, бир жолу жооп берип, аны кайра кайталабаса, эмнеси болгондо да, аны туура жоопко ылайыкташтыруу же катасын оңдоо үчүн кайталоо керек болот. Анткени, кайра ката кылбасын. Ошентип, иш оңдолгонго чейин кайталанып, кийин татаалыраагына өтүлөт. Булардын баары оңой жана жеңил. «Бир проблемага жолуксаң, эмне кыласың?» деш оозеки болушу шарт эмес. Жазма түрүндө да болушу мүмкүн. Эң негизгиси, адамдарга жамаий түрдө пикир таштап, аларды тарбиялоо жолун тутуу жана жеке абалдагы тарбиядан узак болуу. Жамаий түстө тарбиялоо китептер, брошюралар, рисалалар жана баракчалар сыяктуу жазма түрдө болобу, же сүйлөп берүү, хутба окуу, сүйлөшүү, насаат кылуу жана жол көрсөтүү сыяктуу оозеки түрдө болобу, айырмасы жок. Ар эки иште тең адамдарга пикир ташталат жана алар жамаий түстө тарбияланат. Эң негизгиси, сөздүн же чыгарманын бир пикир болушу жана анын негизинде иш жүргүзүлүшү керек. Шексиз, бул пикир суроочу менен адамдар ортосунда талкууга айланып кетпеши керек. Ар эки тарап тең

тууралыгын моюнга алган пикир болушу керек. Т.а. куру пикирдин өзү эмес, түшүнүк болушу шарт. Эмнеге дегенде, максат аны ушул пикирге канааттандыруу эмес, балким, ага кандай кабыл алуунун, проблемаларды кандай чечүүнүн жолун үйрөтүү. Мына ушул кабыл алуу жана жол тутуу – дабалоонун орду. Т.а. ушуну менен туура же каталык билинет. Кайталоо, токтоо, кийин кайталоого жардам берүү, андан кийин татаалырагына жана ооруraaгына өтүү. Адамдар массасы менен иштөөдө аларда тапкырлыкты пайда кылуу үчүн, аны адатка же табиятка айландырууга гана муктаждык сезилет, мындай айландыруу менен адамдарда тапкырлык пайда болот. Пикирдин түрүн ажыратуу жана түшүнүү анын чие, күңүрт болушуна караганда жакшыраак. Мисалы, «Бир проблемага жолуксаң, аны кандай чечесиң?» деген суроону алайлы. Дыйканга «эгер жамгыр жаабай калса, жасалма жамгырдын да мүмкүнчүлүгү болбосо, эгиниңди эмне кыласың» делгенде, тез жооп берсе, анда тапкырлык бар. Жооп бербесе, же суздук менен үйрөнгөндөн кийин жооп берсе, демек, анда тапкырлык жок. Мейли, бул тафсилат жакшыраак болсо да, адамдар менен иштөөдө маанилүү эмес. Себеби, алар иштерди жөнөкөй кабыл алышат. Чиелүү, күңүрт иштерди түшүнбөөлөрүн түшүнүшөт. Эң негизгиси, алардын жообун же жоопторун күзөтүү. Ошондуктан да, адамдарды тапкырлыкка адаттандырууда кыйынчылык туулбайт. Башкалар менен т.а. илимий талкуу кишилери (академиктер), мукаллид болбогон белгилүү бир акыйданы кармаган саясатчылар, кыскача айтканда, маддий иштер менен эмес, пикир же илим менен алектенүүчүлөр менен иштөөдө кыйынчылык туулат. Аларда тапкырлыкты пайда кылуу үчүн жетиштүү деңгээлде этибар бербей коюуга болбойт. Себеби, алардын айрымдарында тапкырлык кез-кезде болгону менен, негизги иштеринде болбойт. Ушул себептен улам, алардын темалары тууралсында талкуу жүргүзүү керек. Анткени, ал сөздүн орду.

Кээде бир караганда, адам турмушунун кооп-коркунучтар арасында болушу тапкырлыктын пайда болушунун себебиндей болуп көрүнөт. Тапкырлыкка муктаж болуна турган иштердин жана кокустуктардын көптүгүнөн ушундай туюлат. Кээде болсо алектенүү, көнүгүү жана адаттануу тапкырлыкты пайда кыла тургандай болуп көрүнөт. Чындыгында болсо, бул эки иш тапкырлыктын пайда болушуна жардам бергени менен, бирок, алардын эч бири дарыгер, инженер же окутуучулар сыяктуу пикир менен иштей тургандарда

да, жыгач уста, зергер жана жумушчу сыяктуу маддий иштерди кыла тургандарда да аны пайда кылбайт. Адамдын коркунучтар арасында жашашы тапкырлыкка жардам берет. Аны менен алектенүү, ага адаттануу аны табигый көрүнүшкө айландырат, өнүктүрөт, пайда болушуна жардам берет. Бирок, алардын бири да тапкырлыкты кандай болсо ошондойлугу жагынан да, тез пикир жүргүзүү жагынан да пайда кылбайт.

Үммөт же калктын көпчүлүгүн түзө турган маддий иштер менен алектенүүчүлөрдө тапкырлыкты пайда кылуу, айтып өткөнүбүздөй, жамаий тарбия менен т.а. «эмне кылып жатасың?», «мындай кокустукка кандай туш келип калдың?» деген сыяктуу суроолорду берип, тапкырлыкты пайда кыла турган пикирлерди жүзөгө келтирүү менен болот. Аны окутуучулар, белгилүү бир акыйдага итикад кылган саясатчылар сыңары пикир менен алектенүүчүлөрдө пайда кылуу болсо абдан жөнөкөй. Аларды тапкырлыкка үндөйсүң, болду. Себеби, тапкырлык философия жана тафаккурларга байланыштуу болгон терең иштерден болсо да, ал ошол эле учурда, ал механикалык иштерден т.а. механикалык философияга кирет. Ошондуктан да, алардан аны кандай болсо ошондойлугунча талап кылуу жетиштүү. Т.а. пикир менен алектенүүчүлөргө «силерде тапкырлык болушу шарт» дештин өзү жетиштүү. Ошонун өзүнөн эле тапкырлык эмнелигин, каерден келип чыгышын билип алышат. Аларга тафсилатына киришүү, суроолорго жооптор алуу, ал тургай, тапкырлыктын маанисин түшүндүрүп берүү да шарт эмес. Эмнеге дегенде, алар пикир менен жана пикирдин ичинде иштейт. Пикир, илим, маърифат жаатында көп иштешкени себептүү, алар ушуга адаттанып калышкан. Мына ушул адаттан ар бир проблемада тафаккурга кайрылуу келип чыккан. Ушул себептүү, аларда жакшылап үйрөнүү, текшерип көрүү жана тыкан сезүүгө муктаж болуна турган аста-секин пикирлөө пайда болуп калган. Эгер аларга «силерде тапкырлык болушу зарыл» делсе, дароо пикирлөөгө киришишет. Мына ушул тез пикирлөөнүн өзүнөн аларда тапкырлык пайда болот. Демек, пикир менен жана пикир жаатында иштей тургандарды тез пикирлөөгө үндөөнүн өзү жетиштүү. Бул нерсе аларга силерде тапкырлык болушу шарт делиши менен ишке ашат. Тапкырлык аларда т.а. окутуучуларда жана белгилүү бир акыйдага итикад кылуучу саясатчылар сыяктуу пикир менен жана пикир жаатында иштей тургандарда аларды тапкырлыкка үндөөнүн өзү

менен пайда болот. Т.а. аларга «силерде тапкырлык болушу шарт» дештин өзү менен бул иш ишке ашат. Мына ушунун өзү тапкырлыкты пайда кылууга жетиштүү. Кыйналуунун жана жаңы нерселердин кажети жок. Алардын өзү пикир менен, пикир жаатында иштешет, эч нерсеге муктаж болушпайт. Не дегенде, алардын иши пикир жана тафаккур. Бирок, алар түздөн-түз ушул иш менен мамиледе болушканынан жана бул нерсе алардын күндөлүк милдетине айланып калганы себептүү адаттанып калышканынан аларда секин пикирлөө касиети пайда болуп калган. Ошондуктан, туш келген ар бир иш туурасында алар «муну үйрөнүп текшерүү керек» дей беришет. Негизи, ал иш андай эмес. Аларды тез пикирлөөгө адаттандыруу жана кайсы нерсени үйрөнүп билүү керек да, кайсыл нерсени үйрөнүү шарт эместигин ажыратып алуулары үчүн алардан тез пикирлөө жана тапкырлык талап кылынат, тапкырлыкка үндөлүшөт. Мына ушул тез пикирлөөнүн өзү тапкырлык. Мына ушул тездиктин өзү тоскоолдукка учурабаган убакта нерсе үстүнөн тез өкүм чыгарып берет. Мына ушул учурда ал тапкырлык деп аталат же үйрөнүү, текшерүү шарт болбогон тапкырлыктын катарына киргизилет. Тоскоолдуктарга туш келип калганда болсо, үйрөнүү, текшерүү шарт болгон түргө кирип, анда ал тапкырлыктын түрүнөн болбойт.

## ЗАКАВАТ ЖАНА ТАПКЫРЛЫК

Жалпы адамдар, алардын көпчүлүгү, 90%тен көбүрөөгү закаваттуу болот. Өзгөчө закаватка ээ болгондору жана таптакыр закаватсыздары өтө кемден-кем кездешет. Аларга карап өкүм чыгарылбайт. Ошондуктан, сөзүбүз жалпы адамдар, көпчүлүк б.а. 90%тен көбүрөөгү туурасында барат. Өзгөчө закават ээлери жөнүндө сөз кылбайбыз. Себеби, өзгөчө закаваттын негизи – тапкырлык. Аларда тапкырлык тубаса болгондуктан, алар жөнүндө сөз кылбайбыз. Закаватсыздарды дабалоо пайдасыз. Илгеркилерден «бүкүрдү көр оңдойт» деген накыл кеп бар. Ошондуктан, аларга көңүл бурбайбыз. Эмнеге дегенде, аларга канчалык күч сарптабагын, ал жыгач уста болобу, зергер сыяктуу маддий иштерди кыла тургандар болобу, окутуучу болобу, белгилүү бир акыйдага итикад кылган саясатчылар сыяктуу пикир менен жана пикир жаатында иштей тургандар болобу, айырмасыз, аларда тапкырлыкты калыптандыруунун таптакыр ылаажысы жок. Алар ошол бойдон кала беришет. Себеби, иштер аларга эч нерсени кошуп бере албайт. Проблема табиятта т.а. алар жаратылган негизде. Ошондуктан, биз

жалпы адамдар, алардын көпчүлүгү менен иш алып барабыз. Закаватка да таъриф берүү керек болгону менен, ал да тапкырлыкка окшоп кээде таърифтелиши керек болгон түрдөн болсо, кээде мехахникалык түрдөн болот, анын баарын механикалык түргө киргизүү абзелирээк. Пайдасы болушу мүмкүн болгону үчүн, ага таъриф берүү жакшы болсо да, анын механикалык түрдөн болуп калганы жакшыраак. Ошондуктан, закаватка аныктама берсек да, анын механикалык болушунун чегинде калабыз. Анын эмнелигин билишибиз үчүн «закават» сөзүнүн өзүн айтышыбыз жетиштүү. Көпчүлүк адамдар закават сөзүнүн өзү менен, көрүү же маектеш болуунун өзү менен закаваттууну закаватсыздан, өзгөчө закаватты жөнөкөй закаваттан ажыратып алышат.

Закават – бул «тез сезүү» жана «тез байлоо». Мындан башка ар кандай аныктама (таъриф) пайдасыз деталдарга берилүү болот. Акыл – сезим жардамында вакиъни мээге көчүрүү жана ушул вакиъни тафсир кылып берүүчү сабик (мурунку) маалыматтар. Акылдын ушул аныктамасы закаваттын маанисин түшүндүрүп берет. Тез сезүү дегени – вакиъни мээге тез көчүрүү дегени. Сабик маалыматтар болсо – байлоо дегени. Ушуга караганда, закават: тез сезүү жана тез байлоо. Закават акыл же пикир, же тафаккурдун бир түрү. Акылга, пикирге, тафаккурга туура келе турган нерсе ага да туура келет. Терең назар таштай турган болсок, алар сезүү жана байлоого сүйөнүшөт. Бул иштеги тездик закаватты көөдөлөндүрүп-көрсөтөт. Демек, закават мумтаз акылдын, мумтаз пикирдин, мумтаз тафаккурдун иши .

Ушуга караганда, закават – бул тапкырлык. Биздин закаватсыздар менен ишибиз жок. Себеби, аларды оңдоп болбойт. Өзгөчө закаваттуулар менен да ишибиз жок. Себеби, алар табиятынан тапкырлар. Эми адамдар аммасы менен көпчүлүгүнө келсек, аларда тапкырлык үчүн жетиштүү закават бар. Болгону алар менен иштөө керек. Тапкырлыкты оңдоо тез сезүүнү жана тез байлоону т.а. закаватты оңдойт. Ошондуктан, закават жана тапкырлык бири-биринен ажыралгыс эгиздер. Закават кандай болсо ошондойлугунча тапкырлыкты пайда кылуу үчүн зарыл. Закаваттын жок болушу менен тапкырлыкты пайда кылуу иши да жок болот, тапкырлыктын өзү да жок болот.

Маддий иштерди кыла тургандар да, пикир менен жана пикир жаатында иштей тургандар да закаватта тең болгону үчүн, бардыгы

адамдар аммасынан болуп эсептелишет. Ошондуктан, закават «кылынган иш» дегени эмес, мейли, бул иштин закаватка алакасы болсо да. Закават – бул иштей турган адамдын оңдолууну жана тездикти кабыл алуу ийкеми. Тапкырлыкты пайда кылууда тапкыр болушу талап кылына турган адамдар да, суроолор менен тапкырлыкка көнүктүрүлө турган адамдар да – баары бирдей закаваттуулар болуп эсептелишет. Алар менен иштөөдө мына ушул закават ишке салынат. Мында закаваттуу болгону үчүн ошол адамдын өзү иштетилет. Пикир менен жана пикир жаатында иштөөчүлөр сыяктуу адамдарга закаватты козгой турган түрдөгү суроолор берилет. Анткени, муну менен закават мажбуран иштетилсин. Ошондуктан, суроо берип жаткан киши тууралуу «ал закаватты иштетти» делет. Себеби, ал закаватты кытыгылай турган түрдөгү суроолорду тандады. Кудум анын өзү закаватты ишке салгандай. Чындыгында болсо, ар эки абалда тең адамдын өзү закаватын иштеткен болот. Пикир менен жана  пикир жаатында иштөөчүлөр абалында закаватын түздөн-түз адамдын өзү иштетсе, маддий иштерди кыла тургандардын абалында адамдын закаватын иштетишине түрткү берилет. Негизи, бул эки абал тең бирдей т.а. алардын экөө тең адамдын закаватын өзү иштетиши болот. Бирок, бул закават кээде түрткү менен иштетилсе, кээде түрткүсүз иштетилет. Ортодогу айырма ушул. Ушуга караганда, тапкырлык закават дегени, закават болсо тапкырлык дегени. Мына ушул жерден тапкырлык закават менен эриш-аркак байланышат. Себеби, закават тапкырлыкты пайда кылат. Закаватты иштетүү болсо аны жүзөгө чыгарат. Тапкырлык жалаң закаваттууларда гана пайда болот. Анын бар экендиги закаваттын бар экендиги. Закават жана тапкырлык башка-башка нерсе болгону менен, түпкүлүгүндө бир. Тапкырлыкта закаватты иштетүү негиз болот. Адамдарда тапкырлыкты пайда кылмакчы болсоңуз, алар тапкырлыкты пайда кылууда же закаватты иштетүүдө бир түрткүгө муктаж боло турган маддий иштерди кылуучулар болобу, же тапкырлыкты пайда кылууда жана закаватты иштетүүдө түрткүгө муктаж болбой турган пикир менен жана пикир жаатында иштөөчүлөр болобу – экөөсүндө тең закаватты иштетүү негиз болот. Эми закаватты кантип иштетүүгө болот жана адамдар тарабынан закаватты иштетүү жараяны кандай жүрөт? Биринчи суроого т.а. закаватты кантип иштетүүгө болот деген суроого жооп мындай, ырас, закават тез сезүү жана тез байлоо болгон соң,

сезүүнүн өзү маддий болобу, пикирий болобу вакиъден пайда болот. Закаватты иштетүүгө карай ташталган бир кадамды мына ушул нерсе т.а. сезүү жүзөгө келтирет, тез сезүү болсо, сезилип жаткан нерседен кабардар болуудан пайда болот. Сезим астында жүз берип жаткан нерседен кабардар болуу зарыл иш. Бул кабардарлык – сезимиңиз астында жүз берип жаткан вакиъге назарыңызды каратышыңыз. Мисалы, машинада бара жатып, көчөдө агып жаткан суюктукту көрдүңүз. Эгер ушул суюктуктун бензин экендигинен кабардар болуп, аз эле нерседен от чыгып кетишин билсеңиз, мына ушул көчөдө агып жаткан суюктуктун бензин экенинен кабардар болушуңуздун жана анын күйүп кетишин билишиңиздин өзү сиздеги тапкырлык б.а. коркунучка жолугуп жатканыңызды тапканыңыз. Ошондуктан, көңүлүңүздүн чордону көчөдөн качуу жолун тандоого каратылат. Сизде мына ошондой тапкырлык бар болсо, тезирээк кутулуу үчүн чара издеп, дароо ошол көчөдөн чыгасыз. Ал эми, бензин экендигин билбесеңиз, күйүшүн да билбей, көчөдө калып кетип, бензин жангандан кийин, оттун ортосунда калып кетесиз. Себеби, сизде тапкырлык болбойт т.а. агып жаткан нерсенин бензин экендигинен, күйүшүнөн кабардар эмессиз. Мына ошондо өзүңүз да, машинаңыз да күйүп кетет. Себеби, өзүңүздү да, машинаңызды да куткаруу мүмкүн болбой калат. Бул тапкырлык жоктугунун акыбети. Тез сезүү кабардар болуудан пайда болот. Кабардарлыктан кийинки тез сезүү закаватты иштете башташыңызга алып келет. Тез байлоо болсо, жогорудагы мисалдагы «бензин аз эле нерседен да күйүп кетет» деген сабик маалыматыңызды иштетишиңизден пайда болгон. Сиздеги бул маалыматтар сизди аларды иштетүүгө, же аларды окуя менен тез байлоого алып барган. Ал көчөдө агып жаткан нерсе чыгынды же суу эмес, бензин экендигинен кабардар болгонуңуз. Кабардарлыктан келип чыккан тез сезүү байлоонун, арийне, тез байлоону пайда кылуунун себеби. Күйүп кетүүдөн кооптонуу байлоону тездештирген делиши мүмкүн. Жооп мындай, кооп-коркунуч чара көрүүгө үндөөчү болот, ал эми, тез байлоого үндөөчү боло албайт. Демек, тез байлоо агып жаткан нерсе бензин экендигин түшүнүшүңүздөн пайда болот. Бензиндин күйүшүн түшүнүшүңүз сабик маалыматтар болуп, дал ушул нерселерге байлоо же тез байлоо жүзөгө келген. Тез байлоонун себеби, алдыңыздагы вакиънин сизди байлоого үндөшү. Мына ушул нерсе тездикти жаратат. Ушуну менен көчөдө агып жаткан нерсени билгениңизден

кийин, байлоо же тез байлоо чечилет. Ушуну менен сизде тез сезүү жана тез байлоо пайда болот. Мына ушул нерсе закаватты иштетүү болуп саналат. Демек, закаватты иштетүү – бул сезүү, болгон же болуп жаткан вакиъден кабардар болуу, кийин аны өзүңүздөгү сабик маалыматтарга байлоо. Мына ошондо тез кабардар болуу пайда болот. Демек, тез кабардар болууну пайда кылган нерсе закаватты иштетүү. Ушул себептен улам, тапкырлык закаватты иштетүү же закаватты иштетүүнүн натыйжасы делет. Негизи, ал закаватты иштетүү.

«Тапкырлыкты жүзөгө келтирүү үчүн закаватты иштетүү шарт дегенибиз жакшыраак эмеспи, мына ошондо адамдарда тапкырлыкты пайда кылуу үчүн аларды закаватты иштетүүгө үндөшүбүз керек деген болор элек» деп айтылышы мүмкүн. Мунун жообу, закаватты иштетүү негиз жана натыйжа. Мындан сырткары, ал оңой иш эмес. Ошондуктан да, тапкырлыкты пайда кылуу үчүн, аны бир түрткү, шарт же механикалык нерсе кылып, эч кандай философия же тафаккурсуз мутлак коюу жетиштүү болот. Тапкырлыкты пайда кылуунун эң жакын жолу мына ушул. Дагы да туурараагы, тапкырлыкты пайда кыла турган нерсе мына ушул. Закаваттын талдоо, философия, тафаккур болушунан тышкары, аны иштетүү оор иш. Аны негиз жана себеп кылып алгандан көрө, анын өз-өзүнөн пайда болушуна коюп коюу абзелирээк. Аны негиз жана себеп кылып ала турган болсок, тапкырлыкты пайда кылуу үчүн аракет кылуу зарыл болуп калат. Мында биз аны менен алакада болуп турсак пайда кылат, башка нерсе менен убара болуп калсак, пайда кылбайт. Негизи, ар эки абалда тең закаватты иштетүү болот. Ошондуктан да, закаватты иштетүү бардык абалда тең боло берет. Бирок, тапкырлык абалында биз аны менен алакада болуп турсак гана иш берет. Ошондуктан, биз өз этибарыбызды закаватты иштетишибизге эмес, башка нерсеге каратабыз. Анын болсо эч бир умтулуусуз, аракетсиз, өз-өзүнөн, табигый түстө пайда болушуна таштап коёбуз. Закаватты иштетүү, айрыкча, тапкырлык маселесинде өтө маанилүү. Болгону, ал умтулуусуз өз-өзүнөн табигый түстө болушу керек. Мына ошондо гана иш берет. Себеби, умтулуу тапкырлыкты жакындаштырбайт, тескерисинче, узакташтырат жана закаватты иштетүүнү тапкырлыкты пайда кылууга эмес, аны жок кылууга себеп кылып коёт. Негизи, аны пайда кыла турган нерсе мына ушул иш. Ушуга караганда, биз «тапкырлык закаватты түздөн-

түз иштетүүдөн эмес, түрткүлөрдөн же тапкырлык сөзүн жалпы кылып айтуудан пайда болот, аны иштетүү тапкырлык болсо да», дейбиз. Тапкырлык закаваттууларда гана пайда кылынат деген элек. Закаваттуулар дегенде өзгөчө закаваттуулар да, закаватсыздар да эмес, жөнөкөй закаваттуулар назарда тутулат. Закаваттуулар үммөттүн көпчүлүк бөлүгүн, 90%тен көбүрөөгүн түзөт. Мына ушул закаваттуулардын иштери канчалык ар түрдүү болбосун, аларда тапкырлыктын пайда болушу шарт. Себеби, жашоо үчүн күрөшкө шуңгуу үчүн бул иш зарыл. Не дегенде, турмуш күтүүсүз окуяларга толтура. Мисалга студенттерде белгилүү бир маалыматты пайда кылмакчы болуп жаткан окутуучуну алалы. Анын иши нукура пикирий иш т.а. ал пикир менен жана пикир жаатында иштейт. Ал туш келиши мүмкүн болгон кокустуктар сабактын өзүндө болушу мүмкүн. Мисалы, кокусунан өзү билбеген маалыматтарды келтирип коюшу мүмкүн. Ко-ош, анда кандай иш тутат? Эгер өзүн пикирлөө, үйрөнүү, изилдөөгө таштап койсо, ого бетер чиелеништирет. Өзүндөгү так маалыматтардын чиеленишине себеп болушу да мүмкүн. Күтүүсүз окуялар кээде студенттер тарабынан да пайда болуп калат. Кээде закаваттуу деп билген студенти закаватсыз болуп чыкса, кээде анын тескерисинче болот. Кээде студенттен өзү үйрөтүп, текшерип берген суроолор пайда болот да, окутуучу аларды анын өзүнөн чыкты деп ойлойт. О.э. студенттерде маддий күтүүсүз окуялар да пайда болот. Кайсы бир студент эсин жоготуп коёт, кайсы бири чыгып кетип, кайтып келбей коёт. Мындай кокустуктар учурунда эгер анда тапкырлык болсо, жакшы ылайыктуу натыйжага алып бара турган иш тутат. Эгер анда тапкырлык болбосо абдырап, тескери натыйжага алып бара турган иш тутат. Ошондуктан, окутуучуларда тапкырлык болушу шарт. Себеби, алар тарабынан, же аларга каршы, же алардын алдында болуп жаткан кокустуктарга карата кутулууга алып баруучу иш тутуулары керек. Эгер аларда тапкырлык болбосо эсеңгиреп, зыян кыла турган иш кылып коюшат. Бул нерсе аларды да, үммөттү да кыйроого жана зыянга алып барат. Инженер, дарыгер, белгилүү бир итикаддагы саясатчылар да пикир менен жана пикир жаатында иштөөчү окутуучу сыяктуу. Алардагы кокустуктар пикирдин өзүндө, же ага байланыштуу болгон маддий иштерде, же өздөрү иштеп жаткан предметтин өзүндө болушу мүмкүн. Окутуучу менен студент, дарыгер менен сыркоо, инженер менен үй долбоору ж.б.у.с. Ошондуктан да, аларда тапкырлык

болушу шарт. О.э. аларга окшоп жумушчулар, соодагерлер, дыйкандар жана кол өнөрчүлөрдө да күтүүсүз окуялар болуп турат. Амалий турмушта, өздөрү аткарып жаткан иштерде болобу, башкада болобу, кокустуктардын болуп турары шексиз. Бул кокустуктарга карата чара көрүү керек, колдонулган чаранын пайда же зыян келтириши, өз убагында же кечигип болушу анын вакиъсине карап болот. Колдонулган чара адамдарда тапкырлык бар-жоктугуна карап ар түрдүү болот. Эң туура чара колдонуу үчүн баарында, алар маддий иштер кылуучулар болобу, пикир менен иштөөчүлөр болобу, тапкырлыкты пайда кылуу шарт. Мына ошондо көздөгөн кызыкчылыгыбыз ишке ашат. Закаваттуулардын закаваты күчтүү же күчсүздүгүнө карай, алардагы тапкырлык да ар кыл болот, аларда тапкырлыкты пайда кылуу да ушуга жараша болот. Ошондуктан, тапкырлыктын да, тапкырлыкты пайда кылуунун да таянычы – адамдагы закават. Закават же закаваттын бар экендиги тапкырлык зарылдыктарынын бири. Закаватсыз тапкырлык пайда болбойт, аны пайда кылуунун мүмкүнчүлүгү да болбойт. Закават – негиз. Ал турмуштагы бардык нерсе. Колдонула турган чара үчүн да закаваттын болушу шарт. Туура, чара тапкырлыкка, закаватты иштетүүгө карап колдонулат. Бирок, чарага үндөп жаткан нерсе тапкырлык же закаватты иштетүү болсо да, ал закаватка катуу муктаж. Себеби, чара – натыйжа. Ал тапкырлык же закаватты иштетүүдөн жүзөгө келген ар бир нерсенин жемиши, пайдасы. Ошондуктан да, ал өтө маанилүү. Колдонулуп жаткан чара маанилүү. Ошондуктан, ал закаватка т.а табигый закаваттын бар болушуна муктаж. Бензин мисалында, айдоочу жолдо агып жаткан нерсенин бензин экендигинен кабардар болушу жана аны бензин күйөт деген сабик маалыматына байлашынын өзү менен жолдон чыгуу чарасын колдонду. Бирок, анын жолдон чыгышын көңүлгө салган нерсе коркунуч, тапкырлык жана жөндөмдү иштетүү болсо да, чыгуунун өзү проблема болушу мүмкүн. Чыгууга бир тоскоолдук бар, чыгууну кыйындаштырып жибере турган фактор бар. Мына ушул жерде чыгууга бир тоскоолдук болобу, же чыгууну оорлоштуруп жибере турган фактор болобу, чыгуудагы кыйынчылыкты жеңип өтүү үчүн закават керек болот. Мына ушул чара закаватка муктаж. Ошондуктан да, чара көрүүдө тубаса закаваттын болушу шарт. Биз закават турмуштагы бардык нерсе дедик. 100% туура. Ал тапкырлыкта (жана закаватты иштетүүдө) зарыл болгондой, чара көрүүдө да зарыл.

Закаватсыз чара колдонуу ого бетер эсеңгиретип жибериши да, эсеңгирөөдөн куткарышы да мүмкүн. Ар эки абалдын пайда болушу закаваттын бар экендигине карап болот. Жогорудагы бензин мисалындагы жолдон чыгуу сыяктуу оор абалдан куткара турган чараны колдоно турган нерсе закават болот. Ого бетер оорлоштурууну колдоно турган нерсе закаваттын жоктугу, агып жаткан нерсенин бензин экендигин билип, бензиндин күйүшүнө аны тез байлаганы менен, кийин чыгууга жай табуу ыктымалы бар болгон абалда закаватты иштетпестен жолунда кете бере турган болсо, же анда чыгуудагы кыйынчылыктарды жеңип өтүүдө жардам бере турган закават болбосо, анын тапкырлыгынан пайда жок. Себеби, ал бул учурда кыйынчылыктарды жеңип өтө албайт. Эмнеге дегенде, анда жолдон чыгууну, же жолдон чыгуудагы кыйынчылыктарды жеңип өтүүнү иштете турган закават жок. Чыгуу жери табылышынын ыктымалы бар бир гана абалда, жолунда кете берип, абалы ого бетер оорлошот жана кырсыкка учурайт. Ушуга караганда, чара көрүүдө закаваттын болушу шарт. Демек, закават тапкырлыкта да, андан келип чыга турган чара колдонууда да зарыл. Анткени, ал же бул чараны колдонуу закаватка байланыштуу. Проблемадан, таңдыктан, оор абалдан чыгуу үчүн белгилүү бир чараны тандоо зарыл иш. Кээде бул чара өзү тандалат, кээде шарт болуп калат. Бирок, бул тандоо закаватка байланыштуу. Эгер закаваттуу адам болсо, ылайыктуу чараны колдонот. Закаватсыз болсо, ого бетер оорлоштура турган чараны колдонот. Ушуга караганда, чара көрүүдө закаваттын болушу шарт. Анткени, муну менен, ого бетер оорлоштуруп жибере турган эмес, куткара турган чара тандалсын. Закават тапкырлык үчүн зарыл болгондой эле, чара колдонууда да, жалпысынан алганда, бардык иште зарыл. Себеби, закават – негиз. Ал турмуштагы бардык нерсе.

## ЗАКАВАТТЫ ИШТЕТҮҮ ЖАНА ТАПКЫРЛЫК

Тапкырлыкты пайда кыла турган нерсе закаватты иштетүү, тапкырлыкты баштап бере турган нерсени сезүү же сезилген нерседен кабардар болуу, тапкырлык анын жемиши болгон чара колдонууда дедик. Закаватты иштетүүгө «тез сезүү жана тез байлоо» деп аныктама бердик. Тез закаватты же закаваттын кандай иштетилишин билишибиз калды. Тапкырлык – бул закаватты иштетүү. Закаваттагы тездик табигый түрдө пайда болбойт. Ал тез, бирок, машакаттуу жараян. Анын себеби, сезилген нерсе же сезүүдөн кабардар болуу. Катардагы адам закаваттуу болот, анда такырлыкка жете турган закават бар. Ошондуктан да, тапкырлык закаватка алакадар жана байланган болсо да, аны пайда кылбайт. Себеби, закават адамда тубаса. Ал ар бир адамда бар. Бирок, закават аклий жараян болуп, анда аклий жараян же акылга туура келчү бардык нерсе талап кыла турган бүт касиеттер бар. Вакиъ мээге туура келет же сезүү вакиъни мээге көчүрөт. Ал сезүү менен сабик маалыматтарды топтойт. Натыйжада, аклий жараян пайда болот. Адам сүйлөй турган, пикирлей турган мавжудат болгондугу үчүн да, ар бир адам аклий жараянды башынан өткөрөт (аклий амалиятты аткарат). Бул ар бир адам закаваттуу же анда нерселер үстүнөн өкүм чыгарууга закават бар дегени. Закават болсо аклий жараяндан көбүрөөк. Себеби, ал тездикте же сезүү жана тез байлоодо сезилет. Тездик бар болсо закават да бар, жок болсо, ал да жок. Тездик эки иште т.а. байлоо жана сезүүдө болушу керек. Байлоодогу тездик нерсе туурасында сабик маалыматтар болгондо гана бар болот. Бул маалыматтар сезүү пайда болушунун өзү менен жүзөгө келет. Себеби, сезүү аларды каратат же талап кылат. Керектүү нерсе мына ушул. Ал – тез байлоо. Демек, тез байлоо эгер маалыматтар болсо, табигый түстө келет. Себеби, сезүүнүн өзү маалыматтарды өтө тез алып келет. Демек, тез байлоо бир гана сезүүгө муктаж болот, башка факторго муктаж болбойт. Тез сезүүнүн өзү кабардар болууну же тез кабардар болууну пайда кылат. Тез кабардар болуу закаватты иштетүүнүн биринчи жана негизги борбору. Ошондуктан да, иш кабардар болууга же тез кабардар болууга борборлошот. Демек, этибар берилиши керек болгон нерсе кабардар болуу же тез кабардар болуу. Себеби, закаватты иштетүүнү, арийне, тапкырлыкты пайда кыла турган нерсе ошол. Тапкырлык закаватты иштетүүнү талап

кылса, закаватты иштетүүнүн өзү кабардарлыкты же тез кабардар болууну талап кылат. Ошондуктан да, кабардарлык же тез кабардар болуу тапкырлык менен закаватты иштетүүнүн арасын ажыратып тура турган ортоктош нерсе. Же закаватты иштетүү жараянын, арийне, тапкырлыкты пайда кылуудагы негизги шарт. Ушуга караганда, кабардарлык же тез кабардар болууну үйрөнүп-билүү лазым. Муну менен закаватты иштетүүнү, кала берсе, тапкырлыкты таануу, анын кандай пайда болушу жана адамда кандай пайда болушун аңдоо мүмкүнүчүлүгү туулсун.

Кабардарлык – сезилген нерсени касд кылуу жана аны билүү. Эгер ушул касд жарий болбосо, кабардарлык да пайда болбойт. Өткөн мисалыбызда айдоочу көчөдө агып жаткан суюктукту көрдү. Эгер анын эмнелигин билүүнү касд кылбастан кайдигер болуп өтүп кете берсе, анда кабардарлык пайда болбойт. Арийне, закаватты иштетүү да, тапкырлык да пайда болбойт. Демек, нерсенин эмне экендигин билүүнү касд кылуу бүткүл жараяндагы негиз. Ушундай болгон соң, биринчи иш: касд кылуу же сезилген нерсенин акыйкатын, чегарасын билүү үчүн тез, олуттуу, түйшүктүү аракет кылуу. Себеби, бардык нерсе мына ушул билүүгө карап болот. Ошондуктан да, билүү же билүүнү касд кылуу негиз болду. Мисалы, Сулайман عليه السلامдын эки аял талашып келген бөбөктү бөлүштүрүүсү жөнүндөгү кыссаны алалы. Ал киши тапкырлык менен бөбөктүн энеси кимдигин билди. Эки аял тең бөбөктү менин уулум деп айтты. Сулайман عليه السلام бөбөктүн чыныгы энеси чүрпөсүнүн өлүп кеткенинен көрө кимдин колунда болсо да тирүү калышын абзел көрүшүн, жасалма эне болсо, буга кайдигер карашын билди. Ушуга ылайык, бөбөктү эки аялга бөлүштүрүүнү т.а. өлтүрүүнү сунуш кылды. Эмнеге дегенде, наристенин өлүмү кайсы бири эне экендигин көрсөтүп берет. Эгер өлтүрүүнүн өзүн сунуш кылганда, жасалма эне да бөбөктү жакшы көрөрүн чебердик менен көрсөтүшү мүмкүн болот. Бирок, ал киши бөбөктү өлтүрүүнү ачык түстө эмес, жабык түрдө айтты т.а бөбөктү эки аялга бөлүштүрүүнү айтты. Чыныгы эне сунушту кайтарды, жасалма эне болсо кабыл алды. Бөбөктү бөлүштүрүүнү т.а. өлтүрүүнү чыныгы эне дароо сезди. Ушул себептен улам сунушту кайтарды. Чыныгы эненин кайтарышы жасалма эненин кабыл алышы казы Сулайман عليه السلامдын зээнине тез келди. Т.а. кабыл алуу жана кайтарууну фикран сезди. Мына ушул сезүүнүн пайда болушунун өзү менен

сабик маалыматтар келип, бөбөктүн бөлүштүрүлүшүн кайтарган аял чыныгы эне экендигин билди жана бөбөктү ага берүүгө өкүм кылды. Мына ушул билүү тапкырлыктын натыйжасы. Тапкырлык закаватты иштетүүдөн пайда болду. Закаватты иштетүү кабардарлыктан пайда болду. Сезүүнү жана тез сезүүнү пайда кылган нерсе мына ушул кабардарлык. Бул нерсе табигый түстө тез байлоого т.а. сабик маалыматтардын тездик менен зээнге келишине алып барды. Тез сезүү менен тез байлоону иштеткенден кийин тапкырлык пайда болду. Себеби, ал закаватты иштетүүнү жана ылайыктуу чара көрүүнү пайда кылды. Ал бөбөктү чыныгы энесине өкүм кылуу ушундайча болду. Мына бул Сулайман عليه السلام дын окуясы да, жерде агып жаткан суюктук окуясы да, сен кимсиң деп берилген суроодогу максатты билүү да сезүүгө мисал боло алат. Ар бир нерседеги – ал маддий болобу, же маддий болбойбу – сезүү мисал болууга жарайт. Ушуга караганда, сезүү жараяндын (амалияттын) башкысы. Сезүүнү пайда кыла турган нерсе кабардарлык. Мына ушул кабардарлыктан сезүү жана тез сезүү пайда болот. Кийин экөөсү биригип, зээнге арты-артынан маани алып келет жана закаватты иштетүү да, тапкырлык да пайда болот.

Булардын баарындагы негиз (асл) – кабардарлык. Ал жашоонун өзү менен т.а табигый түрдө пайда болот. Туура, аны пайда кыла турган, ага жолдой турган ойгоолук бар. Бирок, ойгоолуктун өзү жашоо зарылдыктарынын бири. Ал тирүүлөрдө т.а. чыныгы тирүүлөрдө бар. Зайд деген киши адам болуп туруп, анда ойгоолук болбосо, демек, анын өмүрү уйкунун, сенектиктин жана өлүмдүн ичинде. Бул нерсе андан кабардарлыкты да, арийне, закаватты иштетүүнү да талап кылбайт. Себеби, ырас, жашоо сыпатына ээ болбогон соң, акыйкатынан алганда ал жок эсептелет. Ойгоолуктун болушу жашоо зарылдыктарынан. Ойгоолук бар болсо, кабардарлыкты пайда кылуунун мүмкүнчүлүгү туулат. Кабардарлыкты пайда кыла турган нерсе ойгоолук делбейт. Себеби, ойгоолук турмуш зарылдыктарынын бири. Кабардарлык ойгоолук менен, ойгоолуктун табигыйлыгы менен пайда болот. О.э. кабардарлык менен т.а. жашоонун бар болушу менен пайда болот. Ошондой болгон соң, ойгоолук эмес, кабардарлык негиз. Себеби, ойгоолук тирүү жанда тирүүлүктүн же жандуулуктун өзү менен мавжуд. Кабардарлык болсо касд менен т.а. сезилген

нерсеге назар таштап, андан анын акыйкатынан кабардар болууга сүйөнөт. Ошондуктан да, кабардарлык – бул сезилген нерседеги касиеттерди же анын акыйкатын билүүнү касд кылуу. Мына ушул билүү кемелине жеткенден кийин закаватты иштетүү же тапкырлык жараяны пайда болот. Ушул себептүү, бардык нерсе: закаватты иштетүү жараянынын тууралыгы да, тапкырлыктын тууралыгы да, нерсе үстүнөн чыгарылып жаткан өкүмдүн тууралыгы да, кыскасы, болуп жаткан иштерге карата колдонулуп жаткан чаранын тууралыгы да мына ушул билүүгө тиешелүү. Мына ушул жерден билүүнүн тууралыгы канчалык бийик даражада маанилүү экендиги көрүнөт. Эмнеге дегенде, кутулуу же кырсыкка учуроо, ийгиликке жетишүү же жыгылуу, тирүү же өлүк болуу анын тууралыгына байланыштуу. Демек, билүүнүн тууралыгы – темадагы маанилүү негиздердин бири.

Мисалы, жерде агып жаткан суюктукту сезүү жараянында ал суу болсо, бирок, аны бензин деп ойлоп алса, анда качуу менен өзүн коркунучка салган болот. Андан да коркунучтуураак нерсе туш болушу да мүмкүн. Эгер кете берсе, ага эч нерсе болбойт. Себеби, ал суу, жанып кете турган бензин эмес. Суюктуктун эмнелигин билүүнү касд кылышы жана анын суу эмес, бензин экендигинен кабардар болушу дегени – сезилген нерсенин акыйкаты туурасында анык бир токтомго келүү дегени. Мына ушул анык токтом негизинде тез байлоо жана колдонула турган чара пайда болот. Булардын баары сезилген нерсени – андан кабардар болуудан же аны билүүнү касд кылуудан – билип алуунун тууралыгына карап болот. Ошондуктан да, закаватты иштетүү башка нерселерди иштетүү сыяктуу оңой болбойт. Ал бир эле учурда татаал да о.э. терең иштетүү да. Анын татаалдыгы нерсени билүүнү касд кылуу жана андан кабардар болуудан келип чыгат. Бул татаал иш. Себеби, нерселер бири-бирине окшош. Алардын бирин экинчисинен ажыратып алуу өтө татаал иш болуп, тез билүүгө муктаж болот. Анын тереңдиги болсо, тез сезүү тарабынан пайда болот. Бул да жөнөкөй нерсе эмес. Анда кабардарлык, анын тууралыгы, бекемдиги болушу шарт. Бул терең иш. Эмнеге дегенде, тез сезүү пайда болушунун өзү жетиштүү эмес. Балким, бул тездик кабардарлык тарабынан келип жатабы же тез байлоого окшоп механикалык түрдө келип жатабы ушуну билүү шарт. Ошондуктан да, закаватты иштетүү татаал жана терең. Ал тез

жана машакаттуу жараян. Ушул себептен улам, закаватты иштетүү туура жолго баштоочу жараян болуунун ордуна адаштыруучу жараян болуп калышы коркунучу бар. Ушуга караганда, ушул жараян туура өтөлгөн болушу шарт, бекемдик шарттары же тууралык шарттары толук өтөлгөн болушу шарт. Закаватты иштетүү сөзү «бадиха» сөзүнө окшойт. Ал эч кандай философияга моюн сунбай турган, өзүндө эч кандай татаалдык болбогон механикалык сөз болууга ылайыктуу. Андагы асл-негиздик мына ушул. Ушул эле учурда, ал татаал, терең жараян болушу да мүмкүн. Мындай абалда тууралыгынын шарттары толук өтөлүшү шарт. Бул нерсе аны тафаккурга муктаж кылып, философиялаштырып жиберет. Бул жараян пикирлер жана татаалдыктарга ээ болсо да, бирок, акыйкатынан алганда анын өзү пикир жана татаалдыктар ага кириши мүмкүн болбогон жөнөкөй нерсе. Ошондуктан да, анын механикалык экендигине ыктоо макул иш же тууралыкка жакыныраак. Ушуга ылайык, закаватты иштетүү делет, башка нерсе делбейт. Закаватты иштетүүдөн ушул сөздөрдөн эмне түшүнүлсө, ошол нерсе түшүнүлөт. Ошонун өзү иштөө же катадан тыйылуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө жетиштүү болот. Эмнеге дегенде, сөздөрдү мутлак коюп, алардан түшүнүлгөн нерсенин өзү иштетүү жараянын өтөөгө т.а. закаватты иштетүүгө жетиштүү. Себеби, иштетүү сөзү иштөөнү касд кылуу маанисинде. Закават сөзү болсо башынан маалым. Ушул себептүү, закаватты иштетүү сөзүнүн философия жана тафаккур аралашпастан механикалык болуп калышы абзелирээк. Ошондо закаватты иштетүү сөзү башка маанини эмес, закаватты иштетүү маанисин түшүндүрөт.

## ТАБИГЫЙ ТАПКЫРЛЫК ЖАНА ЖАСАЛМА ТАПКЫРЛЫК

Тапкырлыктагы асл – анын табигый болушу. Себеби, ал өз-өзүнөн пайда болот. Тапкырлыкты пайда кыла турган нерсе коркунуч же кыйынчылыктан кутулуу. Анын өзү табигый түрдө келет. Анткени, коркунуч андан кутулуу үчүн тез чара колдонуу туурасында тез өкүм чыгарууну талап кылат. Кыйынчылыктан кутулуудагы тапкырлык да ушундай. Бардык нерсе мына ушул түспөлдүү. Бирок, Батыш Ислам дүйнөсүнө же мусулмандарга каршы жүрүш кылган убакта, аста-секиндик менен пикирлөө жана өкүм чыгарууда шашылбоону талап кылуучу пикирлерди алып келди. Ислам дүйнөсүнө саясий чабуул кылып, аны ээлеп алган соң, аста-секин пикирлөө, жакшылап үйрөнүү жараянын иш жүзүндө колдонду. Мусулмандар ага ээрчиди. Алсыздын күчтүүнү ээрчиши табигый. Ошондуктан да, этият болуп, шектенип кабыл алынган алгачкы пикирлер амалда колдонула баштады жана андан аста-секин пикирлөө пайда болду. Бардык нерсе жакшылап үйрөнүүнү, терең текшерүүнү талап кыла турган болуп калды. Ал тургай, философиялык пикир жүргүзүүгө туура келбей турган механикалык иштер да үйрөнүү, пикирлөө, изилдөө темасына айланды. Андан аста-секин пикирлөө пайда болуп, ал бардык адамдарда, айрыкча, пикир менен жана пикир үстүндө иштөөчүлөрдө табигый бир абалга айланды. Ушуну менен алар тапкырлыкты жоготушту. Ал жок болуп кетейин деди. Болгону күчтүү коркунуч абалдарында гана көрүнө турган болуп калды. Ушул себептен улам, тапкырлыкты жүзөгө келтирүү үчүн жасалма жараян керек болду. Анткени, муну менен закават иштетилсин. Ал табигый иш. Анын табигый болуп калышы үчүн жасалма жараян шарт болуп калды. Ушул себептен улам, закаватты иштетүү жана тапкырлыкты жүзөгө келтирүү үчүн бир жараян жасоо лазым болду. Бирок, бул жараян ар эки тарабында тең закаватты иштетүү жана тапкырлык үчүн болуп, жасалма жараяндан табигый ишке айланышы шарт. Себеби, тапкырлык табигый болушу керек. Анын ар дайым жасалма болушу дурус эмес. Жасалмалык адамдагы тапкырлыктын табигый болушу үчүн керек. Ушуга караганда, табигый тапкырлык же бадиха – асл, ошондой болушу шарт. Жасалмалык болсо табигый тапкырлыкты пайда кылуу жана андан жасалмалыкты узакташтыруу ыкмаларынын бири. Ошондуктан да, табигый тапкырлык асл болду. Ушундай болушу

шарт. Жасалма тапкырлык болсо асл-негиздин тескериси. Ал болгону аракетке келтирүүчү васита жана асл тапкырлыкты пайда кылуу үчүн курал болууга гана жарайт. Тапкырлык делгенде өз-өзүнөн боло турган табигый тапкырлык максат кылынат. Бул сөз ушул маанини гана түшүндүрөт. Себеби, тапкырлык нерсе үстүнөн тез өкүм чыгаруу. Бул нерсе жасалма эмес, табигый түстө гана пайда болот. Себеби, жасалмалыктан пайда жок. Андан ылайыктуу чара да чыкпайт.  Себеби, жасалмалык суз пикир менен тез пикир ортосундагы абал. Дагы да тууpapaaгы, ал суз пикирлөөнү тез пикирлөөгө алып өтүү. Бул абал убактылуу. Убактылуу болушу лазым. Ал гоя эмес, васита. Васита болушу, васита болуп калышы важиб дагы. Мына ушундан билгенибиздей, табигый тапкырлык асл, асл болуп калышы важиб дагы. Ошондуктан, сөз жасалма тапкырлык туурасында эмес, табигый тапкырлык жөнүндө жүрөт. Бирок, вакиънин көрсөтүшүнчө, бул региондогу адамдар, айрыкча, мусулмандар суз пикирлөөнү кармоону улантышып жатканда, алардан тапкырлык дагы да узакташып баратканда, жасалма тапкырлыкты пайда кылбастан, ал үчүн аракет кылбастан башка арга жок. Ушул себептүү, гоя катарында эмес, васита жана курал катары жасалма тапкырлык туурасында кеп кылбай койгонго ылаажы жок. Жасалма тапкырлык жараяны закаватты иштетүү менен башталат. Закаватты иштетүүнүн өзү табигый болушу лазым болсо да, маданий жана саясий чабуул жараянында ал жасалмага айланды. Ошондуктан да, жасалма закават иштетүүдөн башка чара калбайт т.а. закават иштетүүнү, тапкырлыкты пайда кылууну жасаш керек болуп калды. Жалпысынан бардык иште жасалмалык зарыл болуп калды т.а. жасалмалыкты пайда кылуу үчүн касд кылуу, закаватты иштетүү, кала берсе, тапкырлыкты пайда кылуу үчүн жасалма иш кылуу жана тээ закаватты иштетүү табигый ишке айланып, тапкырлык да табигый болгонго чейин бул ишти үзгүлтүксүз улантуу лазым болуп калды.

Ырас, жасалмалык касд кылуу болгон соң, жасалмалык шарт болгон соң, касд кылуу да шарт болду. Бул жерде "Эмнени касд кылабыз?" деген суроо туулат. Мунун жообу мындай, кеп закаватты иштетүүдөн башталган эле. Закаватты иштетүү кабардарлыктан башталганы үчүн, касд кылуу кабардарлыкта болушу шарт. Бул касд таалим-тарбия менен пайда болушу мүмкүн болсо да, табигый түстө келиши абзелирээк. Ушул себептен улам,

аны пайда кылуунун жолу адамдарга пикирлер таштоодон турат. Алар бул пикирлердин тууралыгына ишенишсе т.а. бул пикирлер аларда түшүнүктөргө айланса, аларды кабыл кылып алышат. Демек, адамдарга кабардарлыкта касд болушунун шарт экендиги айтылат. Алар кайсыл бир ишке жүздөнүшпөсүн кабардарлыкты касд кылышса, иштерин түшүнүп жетишет. Т.а. жасалма түрдө закаватты иштете башташат. Кийинчерээк бул нерсе аларда табигыйлыкка айланат. Мына ушундай кайталоо менен жана замандын өтүшү менен аларда тапкырлык пайда болот. Ошондуктан да, касд кылуу биринчи борборлошуу болду. Бирок, бул иш таалим-тарбия менен эмес, адамдарга пикирлер берүү менен ишке ашат. Анткени, муну менен бул пикирлер аларда түшүнүктөргө айлансын. Бул үчүн аларга пикирлерди далилдери менен кошуп берүү керек, же айткандын өзүндө далили көрүнүп тура турган кылып берүү керек болот, качан бул пикирлер аларда түшүнүктөргө айланса, аларды кабыл алуулары жана иштетүүлөрү кепилденет. Мына ушул убакта закаватты иштетүү жараяны да кепилденет жана ушуну менен тапкырлык пайда болот. Анын бар экендиги алгач жасалма болсо да, кайталоо менен жана убакыттын өтүшү менен табигыйга айланат. Ушуга караганда, касд кылуу жасалма тапкырлыкты гана эмес, табигый тапкырлыкты да берүүнү кепилдикке алат. Өткөн бензин жана машина мисалын алайлы. Ал да бир тапкырлык. Ал күтүлбөгөн коркунучтан жашыруун кыйынчылыкка түшүп калуудан пайда болду. Бирок, ал касддан пайда болушу да мүмкүн эле. Качан адамдарда касд т.а. кабардарлык болсо жана алар мына ушундай бензин абалына түшүп калышса, сергек тартып жерге агып жаткан суюктукту текшерип көрүшөт. Эгер аны коркунучтун, өзү түшүп жаткан кыйынчылыктын өзүнөн билип алышса, ал жөнүндө сүйлөшүшүбүзгө кажет жок. Эгер касддан болсо, ал талкуу жүргүзүүнүн орду болот. Себеби, касд кабардарлыкты, арийне, акыл же закаватты иштетүүнү жүзөгө келтирет. Ушуну менен аларда тапкырлык пайда болот.

Даанышман Сулайман ﵇дын бөбөктү экиге бөлүү өкүмү мисалында бөлүштүрүүнүн натыйжаларын, бул өкүмдүн эки аялга кандай таасир кылышын касд кылуу пайда болот. Т.а. бөлүштүрүүнүн натыйжаларынын эки аялга болгон таасири пайда болду жана закават иштетилди. Мына ушул убакытта кишинин

закаватты иштетүүдөн күткөн нерсеси т.а. чыныгы эненин бөлүштүрүүнү рад этиши, жасалма эненин кабыл алышы пайда болду. Кишинин закаватты иштетүүдөн күткөн нерсеси мына ушул рад кылуу жана кабыл алуу эле. Натыйжада, бөбөк аялдардын кимисинин уулу экендигин билүүдөгү тапкырлык вужудга келди. Бул тапкырлык закаватты иштетүүдөн, закаватты иштетүү кабардарлыктан, кабардарлык касд кылуудан пайда болду. Демек, касд кылуу бүткүл жараяндагы биринчи кадам. Ал бир абалдан башкасына, бир абалдан башка бир абалга өтүп турса да, эмнеси болгондо да, ал өзүнүн расмий жолунан жүргөн жараян болуп, кадамдары жасалма эмес, табигый түрдө болду. Себеби, ал күтүлгөн нерсеге карай жүрдү. Ошондуктан да, ал жасалма жараян болсо да, аны жасоодогу тыкандык аны табийгыйга окшош кылып койду. Ошондуктан да, ал анык табигый ишке т.а. табигый закаватты иштетүүгө, кала берсе, табигый тапкырлыкка алып барды. Ушул себептүү, ал мына ушундай түстө жүргөн болсо да, аны иштетүү тыкан болуп, натыйжалары табигый жана күтүлгөн ишке карай болду. Ушуга караганда, закаватты иштетүү жана тапкырлык табигый болсун үчүн, аны иштетүүнүн созулбоосу күтүлгөн нерсе эле.

Ошондуктан, эч ким закаватты иштетүүдөгү жана тапкырлыкты вужудга келтирүүдөгү жасалмалык табигый тапкырлыкка жетип барганга чейин узак убакытты ала турган машакаттуу иштерден деп ойлобошу керек. Андагы иш жасоодогу тыкандыкка карай болот. Эгер жасоо тыкан болсо жана күтүлгөн нерсени келтирип чыгарса, табигый тапкырлык иштин башында эле жүзөгө келген жана адатка айланган болот. Анда жасалмалык көрүнбөйт. Бардык иштер биринчи кадамдан эле жана биринчи ирмемден эле табигый болот. Анткени, акыйкатта, алгач жасалма тапкырлык, анын аркасынан табигый тапкырлык вужудга келген болсо да, алардын баары, ал тургай, биринчиси да табигый болуп көрүнөт. Себеби, жасалмалык тыкан иш кылуу менен, күтүлгөн натыйжаны механикалык түрдө берүү менен жоголуп кетет. Ошондуктан да, ал табигыйдай пайда болот, жасалмалыктын изи көрүнбөйт.

Бизди жасалмалыкка мажбур кылып жаткан нерсе: маданий жана саясий чабуулдун калтырган издери, колонизатор кафир Батыштын акимдер дилдерине жана акылдарына дагы деле таасир көрсөтүп жатканы, бардык иште тафаккурду жакшылап үйрөнүү

жана тыкан текшерүүгө айландырып бара жатканы жана натыйжада тапкырлыктын жоголуп жатканы. Ушул иштер болбогондо, биз мындай жасалма жараяндарга мажбур болбос элек. Себеби, илгери тапкырлык да, закаватты иштетүү да табигый болуп, адамдардын зээндери булганбаган эле. Алар үйрөнүү керек болгон нерсени үйрөнүшөр эле, үйрөнүү, текшерүү шарт болбогон иштерде тапкырлыкты иштетишер эле. Закаваттарын да тапкырлыкта болсун, башка иште болсун, керегинче колдонушуп, башка нерсеге муктаждыктары жок эле. Ошондуктан да, адамдарды ата-бабалары кандай болсо, ошондой аслга кайтаруу татаал болбогон, жеңил жана жөнөкөй бир иш. Себеби, алар ата-бабаларынын перзенттери. Баарында тапкырлык асл болгон. Аларды мына ушул аслга күч менен болсо да кайтаруу көп машакат талап кылбай турган бир иш. Ошондуктан да, ар кандай абалда да табигый тапкырлык үчүн амал кылуу важиб.

## ПРОБЛЕМА

Азыркы проблема кантип тафаккурду пайда кылышыбыз эмес, себеби, тафаккур адамда табигый, тубаса бар болот. Адам баласы туулганда эле анда мээ да, вакиъни мээге көчүрүп бере турган сезим да бар болот. Бул табигый бир иш. Эми, сабик маалыматтар жана сезим мээге көчүрө турган вакиъ темасы калып жатат. Мээ менен сезүү адам баласында туулгандан баштап бар. Алар адам баласында тубаса болот. Ошондуктан, аларды пайда кылууда эч кандай күч-аракетке муктаждык болунбайт. Себеби, алар адам баласында тубаса т.а. жаратылыштан эле бар. Эми, бир гана сезим мээге көчүрүп бере турган вакиълер жана бул вакиъни тафсир кылып бере турган сабик маалыматтар гана калып жатат. Вакиълер көп жана жетиштүү. Арты-артынан болуп тура турган көп окуялардан сырткары, бул дүйнөдөгү турмуштун фазли менен, кишинин сезими (хис) түшө турган күндөлүк жаңы-жаңы окуялар да көп. Сезимдин милдети аларды көчүрүп гана берүү. Артык даражада көчүрсө, тафаккурду пайда кылат. Не дегенде, бул вакиъни пикирлей турган сабик маалыматтар көп болуп, аларды иштетүү оңой жана ыңгайлуу. Ошондуктан, тафаккурда проблема жок. Тафаккур өз-өзүнөн бар. Ал эч кандай проблеманы келтирип чыгарбайт. Тафаккурду кандай вужудга келтиребиз деген проблема да, проблеманын себеби да жок. Проблеманын баары – кафир колонизатор Батыш. Анын ичинде Советтер Союзу да бар. Не дегенде, Батыш тафаккурдун бар экендигин үйрөнүп, түшүнүп, аны иштен чыгарууга, иш бербей турган кылып коюуга, муну кыла албаганда, зыяндуу тараптарга иштей турган кылып коюуга этибарын каратты. Тафаккурду эч ким иштен чыгара албайт. Себеби, ал тирүү жан. Адам пикирлей турган жанзат. Ошондуктан да, тирүүлүктүн болушу табигый. Адамдын пикирлей турган болушу да табийгый. Ушуга караганда, ырас, адам тирүү экен жана анда тафаккур бар болгон соң, аны иштен чыгаруу мүмкүн эмес. Ошондуктан да, алар этибарын аны зыяндуу кылып коюуга каратты. Проблема мына ушул жерден келип чыкты. Тафаккурдун зыяндуу болуп калганы проблема болгон соң, ко-ош, анда кантип андан зыянды кетиребиз жана аны пайдалууга айландырабыз? Мунун жообу мавжуд тафаккурдун өзүндө жашырынып жатат. Батыштык болбогон адам да пикирлейт, бирок, ал пикирлөөнү ысырап кылат, чегинен чыгат. Ал бардык нерсе тууурасында

пикирлеп, талкуу жүргүзүп, философия токуй берет. Мындан эки иш келип чыкты. Биринчи иш, механикалык нерселер туурасында да пикирлеп, философиялык мулахаза жүргүзө турган болду. Ал отургуч, табак, чыныны да философияга айландырды. Натыйжада, бул нерселер өзүнөн, табиятынан т.а. чыныгы табигый абалынан чыгып кетти. Ушуга караганда, алар ого бетер чиеленишип, чыныгы маанилеринен узакташты. Уккан же окуган адам отургуч эмнелигин, чыны эмнелигин, табак эмнелигин билбей калды. Эгер философия токубастан, алардын атын айтып коюу менен чектелгенинде, билген болор эле. Аларды чиелештирген нерсе тафаккур жана философия. Ошондуктан да, бул философияны алардан жок кылуу керек. Бул нерсе маддий иштерде болгондой, маънавий иштерде да болду. Мисалы, мугомара сөзүнүн өзү айтылса, анын эмнелиги билинет, бирок, ал философия кылып үйрөнүлгөн, эсеп-китеп кылынган мугомара менен арзан мугомараларга ажыратылса, түшүнүп болбой турган сөзгө айланат. Тапкырлык, закаватты иштетүү сыяктуу сөздөр да мына ушундай. Алар канчалык чечмеленип, канчалык философия токулса ошончолук чиелешет. Андан философия жана тафаккурду сууруп алмайынча, чиеленүү артып бара берет. Демек, тафаккурдагы зыян бардык нерсени, ал тургай механикалык нерселерди да камтып алган. Ушуга караганда, механикалык иштерде тафаккур кылуу же философия токуу тафаккурдагы зыянды жүзөгө келтирген фактор. Бул – биринчи иш. Экинчи иш ушул, тафаккур бардык нерсени камтып алган соң – алардын ичинде тапкырлык да бар эле – ал суз пикирлөөнү вужудга келтирет да, тапкырлык тез пикирлөөгө муктаж болот. Суз пикирлөө, үйрөнүү, текшерүү үстөм болгону үчүн ага адаттанып, ага маашырланып (завк), ал аслга айланган. Ушундай болушу да керек эле. Ошондуктан да, суз пикирлөө адатка, аслга айланды. Завк ага карап алына турган болду. Ошондой болгондон кийин, бардык жакты үйрөнүү, текшерүү ээлеп, тездикке, тапкырлыкка орун калбады. Себеби, тапкырлык үйрөнбөстөн, текшербестен туруп текшерүү дегени. Бул макул келбеген, куник бир иш болуп калды. Ушул себептен улам, тапкырлык ээлтен ыплас иштерден саналып, анын болбошу, бирер адам аны менен сыпаттанбашы керек болуп калды. Ушуга карай, тапкырлык жагымсыз ишке айланып, мавжуд болушу мүмкүн эмес болуп калды. Батыштын бул

чабуулунан проблема жүзөгө келди. Ал тафаккур проблемасы эмес, тафаккурдан келип чыга турган зыян проблемасы. Ушуга ылайык, проблема – тафаккурдун зыяны болду. Мунун дабаасы (муалажа) – мына ушул зыянды жок кылуу. Эми тафаккурдан зыянды кандай жок кылабыз деген суроо туулат. Бул туура суроо, ага жооп берүү керек. Себеби, тафаккур – мавжуд жана табигый. Демек, ал проблема эмес, проблема – тафаккурдан зыянды кантип жок кылуу. Буга жооп ушул, эң биринчи Батыштын душман экендигин, анын бардык пикирлеринде шек бар экендигин билишибиз керек. Ошондуктан, Батыштын ар бир пикирине шек менен карап, анын эмнелигин, андан эмне максат кылынып жатканын үйрөнүп, текшербей туруп кабыл албоо керек. Батыш тарабынан келип жаткан ар бир нерсеге шек менен кароо асл. Анын болушу шарт. Эгер Батыш туурасында анын экспорт кылып жаткан нерселерине шек менен кароо болбосо, анын тафаккуруна туткун болушубуз, курман болушубуз турган кеп. Ушул себептүү, ташташыбыз керек болгон биринчи кадам Батышка, анын бизге жиберип жаткан ар бир нерсесине шек менен карашыбыз. Ал тургай, ал өзү үчүн жиберип жаткан болсо да. Себеби, ал кээде бизди адаштыруу жолунда өзүн да курман кылып жиберет. Эмнеге дегенде, анын негизги иши адаштыруу, өз жараны, өз коому, калкын адаштырса да. Ал адаштырууга гана таянат. Адаштыруу анын эң күчтүү куралы. Ошондуктан да, ага, ал жиберип жаткан ар бир нерсеге шек менен кароо Ислам диярлары (өлкө) же мусулмандар жетекчилик кылышы керек болгон негиз, асл.

Мына ушул шек менен кароодон кийин экинчи кадам келет. Ал тафаккурдан зыянды алып таштоо. Себеби, Батыш алып келген тафаккур таризи анын адаштыруучу пикирлеринен. Батыш бизди тафаккурга, тафаккурдун бардык нерсени камтып алышына үндөдү. Эмнеге бизди бул нерсеге үндөп жатат деп, Батыштын бул ишине шек менен карашыбыз керек. Адамдагы пикирлөө (тафаккур) табигый жана тубаса бир иш. Ага үндөөнүн артында болсо маалым бир максат, карасанатайлык жатат. Биз мына ушул максат, карасанатайлыктан кабардар болуп, анын акыбетинен этият болушубуз керек. Тафаккурга үндөөдөн максат: аны ыйыкташтыруу, максатка айлантуу, туйгулардан үзүп, таасирин кетирүү. Негизи, адам: акыл жана туйгу. Ал туйгунун да, акылдын да өзү эле эмес, экөөсү тең. Болгону, жол баштоочу туйгу эмес,

акыл. Себеби, туйгу күйө турган сезимдер болуп, жетекчиликке жарабайт. Мунун үстүнө ал тез күйүп, тез өчөт. Демек, адам акыл жана туйгу, бирок, башкаруу борборун туйгуга эмес, акылга берүү керек. Мына ушуга жетип алсак, анын тафаккурга үндөшүнөн көздөгөн максатын билип алабыз жана аны жокко чыгарабыз. Сезим-туйгуларды ыргытып жибербейбиз, алып калабыз. Бирок, аларды өз ордуна, өзүнө ылайык жерге жайгаштырабыз. Бул нерсе акыл башкарууда калышы менен болот. Ушуну менен тафаккурга үндөөдөгү биринчи зыянды жоготкон болобуз. Бул жоготуу менен акылды ыйыкташтыруу да жок болот. Батыш вужудга келтирмекчи болгон аклий жалгызданаа жок болот. Артынан анын зыяны да жок болот. Ошондуктан да, аны тафаккурга үндөшүн акыл менен кабыл кылып алып, тафаккурду вужудга келтиребиз да, эмне үчүн вужудга келиши керек болсо, ошол нерсе үчүн табигый түстө келтиребиз. Бул үндөөнүн башка тарабында тафаккурдун бардык нерсени камтып алышы туруп, ал бардык нерседе пикирлешибиз, бардык нерсени үйрөнүшүбүз, бардык нерсени текшеришибиз, бир сөз менен айтканда, бардык нерсе жөнүндө суз тафаккур кылышыбыз дегени. Бул нерсе бизди тез тафаккурду б.а. тапкырлыкты таштап, суз пикирлөөгө адаттанышыбызга, тез тафаккурга кайдыгер болуп, аны кордошубузга алып барат. Натыйжада, суз пикирлөө аслга, тафаккурдун тууралыгын өлчөй турган өлчөөгө айланат. Мына ушунун өзү тапкырлыкты кордоого жана таштоого жетиштүү. Бул нерсе канааттануу, кайталануу жана замандын өтүшү менен тапкырлыкты т.а. анын ролун бекер кылат. Натыйжада, биз суз пикирлөөнүн тузагына түшүп, душман колундагы куурчакка айланып калабыз. Мына ошондо тез чечилиши керек болгон проблемаларга туш келип, аларды чече албай калабыз. Кымбат учурларды (надир фурсат) баалай албай, өткөзүп жиберебиз. Проблемалар көбөйгөндөн-көбөйүп, убакыттар текке кетип бара берет.

Тафаккурдун бардык нерсени камтып алышы тапкырлыктын кетиши дегени. Ал механикалык тафаккурду же механикалык философияны да илимий талкуулар темасына, философия жана тафаккур темасына айландырып жиберет. Ушуну менен нерселердин чиелиги артып, анык көрүнүп турган нерселер да чиеленишет. Ушуну менен эң жөнөкөй ачык көрүнүп турган отургуч, чыны, табак сыяктуу маддий иштердеги, тапкырлык,

закават жана закаватты иштетүү сыяктуу маънавий иштердеги механикалык нерселерден да пайдалана албай калабыз. Эгер киши эң оңой, эң жөнөкөй механикалык нерселерден да пайдалана албай калса, ал адам болууга жана адамдай иштөөгө ылайыксыз кимсеге айланат.

Ошондуктан да, проблема тафаккурдун өзү эмес, балким, андан зыянды кетирүү. Бул нерсе тафаккурду шашылуу керек болгон жерге шашыла турган, шашылбоо керек болгон жерге шашылбай турган кадимки тафаккурга айлантуу менен болот. Мисалы, тапкырлыкта шашылуу керек болсо, тафаккур маанисинде шашылбоо керек. Алланын бар экендиги, элдин бар экендиги, адилеттин бар экендиги сыяктуу иштерди айкындаштыруу үчүн тафаккур зарыл. Отургуч, табак, чыны, закават, акылды иштетүү жана тапкырлык сыяктуу иштерде болсо тафаккурдун зарылчылыгы жок. Демек, проблема тафаккурдан зыянды жоготуу, башка нерсе эмес.

## ПРОБЛЕМА АКЫЙКАТЫ

Проблема акыйкаты ушул, кайсыл шаарда болбосун, жалпы калкта, маалым бир акыйданы кабыл алган саясатчыларда жана муфаккирлерде тафаккур табигый түрдө суз тартты. Анын дабаасы мына ушул проблемадан т.а. суз тафаккурдан кутулуу. Анткени, суз тафаккур адатка айланып, натыйжада тафаккур жок болду. Демек, проблема суз тафаккур т.а. тапкырлыктын жоктугу. Ушундай болгон соң, суз тафаккур – проблема. Анын адат, табигый болуп калышы аны чыныгы проблемага айлантты. Кайсы бир маселе болбосун, ал тургай механикалык болсо да, ал тууpасында философия токуу, пикир жүргүзүү адамдарда көп учурай турган абалга айланды. Проблема тафаккурдун өзү эмес, себеби, тафаккур табигый жана мустахаб, ал тургай важиб. Эмнеге дегенде, бир нерсе тууpасында пикир жүргүзүү анын жашыруун жерлерин, сырларын ачып берет жана кишини акыйкаттан кабардар кылат. Тафаккурдун өзү пайдалуу. Бирок, аны суздаштыруу, ар бир маселеде философия токуп, аны аралаштыра берүү проблеманы келтирип чыгарат. Чыныгы проблема мына ушул десек да болот. Адамдарда суз пикирлөө аслга айланып, тапкырлыкты жоготушту. Тапкырлык келсе, бир гана коркунуч убагында келип жатат, негизи, ал коркунуч убагында гана келбеши керек. Тапкырлыкка негизделип чара колдонуу да пайда болбой калып жатат. Негизи, тапкырлык коркунуч убагында болсун, башка убакта болсун, келиши керек. Биз кээде чарага муктаж болобуз, кээде болбойбуз. Ошондуктан, тапкырлык ар дайым, ар бир нерседе болушу керек. Коркунуч убагында эле болушу дурус эмес. Бардык абалдарды камтып алышы важиб. Бардык нерседе тең чарага муктаж болунбайт. Айрымдарында муктаж болунса, айрымдарында болбойт. Ушуга караганда, анын коркунучтуу окуялар убагында гана болушу жетиштүү болбойт. Бардык нерседе болушу шарт. Ошондуктан да, тапкырлык ар бир нерседе керектүү иш. Анын акыйкаты тез пикирлөө экендиги. Проблемасы т.а. проблемасынын акыйкаты болсо суз пикирлөөдө жашырынган.

Суз пикирлөө колонизатор Батыштын өлкөлөрүбүзгө өкүмдарлык кылышынан жана анын пикирлери адамдарды башкарып жатканынан келип чыгып жатат. Адамдар бир канча убакыт бою суз пикирлөөгө оролошуп калышты. Ушул убакыт

ичинде ал алардын акылдары жана тафаккурларынын бир бөлүгүнө айланып үлгүрдү. Ошондуктан да, суз пикирлөө проблемага, проблеманын акыйкатына айланды. Адамдар үстүнө жаап жаткан балээлердин эң көрүнүп тургань ушул болсо да, проблема тапкырлык эмес. Тафаккурдун өзү да эмес. Себеби, ал ар бир адамда акылы кандай болушуна карабастан, жан сыяктуу бар. Проблема – тафаккурдагы суздук. Демек, тапкырлык – тафаккурда суздук кылбоонун натыйжасы. Тафаккур ар бир адамда бар болгон табигый жараян. Тафаккурдагы суздук проблеманын акыйкаты. Бул суздук табигый, жергиликтүү, механикалык болбой, Батыштын диярларыбызга, анын пикирлеринин адамдарга өкүмдарлыгынан келип чыгып жатканы үчүн да, проблеманын акыйкаты суз тафаккур болуп саналат. Бул проблеманын болушунун акыйкаты болсо, Батыштын, анын пикирлеринин өкүмдарлыгы. Ушул себептүү, чечүү маселеси проблеманын натыйжаларына, ар бир адамда табигый болгон нерсеге эмес, анын өзүнө каратылышы керек.

Тапкырлык проблема эмес, проблеманын натыйжасы экендиги далилденген соң, чечүү анын натыйжаларына эмес, проблеманын өзүнө каратылышы лазым. Натыйжалар проблема деген негизде чечилбейт, балким, проблеманын өзү чечилет. Ал суз тафаккур. Аны чечүү адамдар үстүндөгү өкүмдарлыкты чечүү менен ишке ашат. Ал Батыштын өкүмдарлыгы болобу, же пикирлердин өкүмдарлыгы болобу, айырмасы жок. Ушуга ылайык, проблеманын акыйкатын билүү зарыл. Анткени, муну менен, чечүү жемиш бербей калбасын. Муну менен проблемадан башкасына каралбасын. Проблеманын акыйкатын билүү шарт. Проблеманын акыйкаты тафаккурдагы суздук болгону үчүн, ал негиз болуп, проблеманын акыйкатын түзөт. Туура, Батыштын диярларыбызга, пикирлеринин адамдарга өкүмдарлык кылынышы негиз, бирок, анын жок болушу менен проблема анык чечилбейт. Ал чечилсе да, проблема тура бериши мүмкүн. Проблеманы чечүү тафаккурдун өзүн дабалоо менен, аны суздуктан тездикке, акырындыктан ылдамдыкка көчүрүү менен болот. Демек, Батыш өкүмдарлыгы проблеманын негизи болсо да, анын өзү эмес, проблема тафаккурдагы суздук, ал чечилген соң, анын негизинен т.а. Батыштын илим, билим, маданият, оңдолуу, тикеленүү сыяктуу ураандар астында жолдон азгыруучу, тайгаландыруучу

пикирлерди таратышына көз жумулбайт. Ал проблеманын негизи. Батыштын өкүмдарлыгы ушул аттар, ушул ыкмалар (услуб) менен болот. Алардын өкүмдарлыкты жок кылууга эч кандай алакасы жок. Аны жок кылуу өкүмдарлыкка алакадар жагынан эмес, калкка алакадарлыгы жагынан болот. Туура, негиз – өкүмдарлык. Өкүмдарлык ыкмалары өзгөрүп турат. Алар жашыруунураак, натыйжалуураак болуп өзгөрүп турса да, проблема – негиз болуп, калкка тиешелүү бойдон кала берет. Т.а. тапкырлык адамдарга гана жүктөлгөн. Бирок, алардын акылдары өзгөрүп, бир абалдан экинчи абалга өтүп туруучу. Мына ушул жакка иштөө берүү важиб. Өкүмдарлык негиз болсо да, ал калктын түшүнүктөрүнөн башка нерсе эмес. Өкүмдарлыкты узун же кыска кыла турган нерсе калктын түшүнүктөрү. Ал проблема да, негиз да эмес. Тема турмушка өкүмдарлыкты өзгөртүү эмес, турмуш эмеректери тууралсындагы түшүнүктөрдү өзгөртүү. Ошондуктан да, нерсенин нисбатын Батышка же өкүмдарлыкка берүү проблемадан качуу болуп саналат. Иштер проблемага карай багыттандырылышы керек. Проблема – тапкырлыкты вужудга келтирүү. Бул ишке өкүмдарлык жолунан эмес, калк жолунан, өкүмдарлыкты өзгөртүү жолунан эмес, турмуш эмеректери тууралсындагы түшүнүктөрдү өзгөртүү жолунан барылат. Ушул себептүү, иштерди өкүмдарлыкка же Батышка карай багыттандырып, проблемадан качуу дурус эмес. Иштер калкка карай, түшүнүктөрдү өзгөртүүгө карай, алардын турмуш эмеректерине карай багыттандырылышы керек. Эгер тапкырлыкты вужудга келтирмекчи болсок, Батышка карай багыттанышыбыз дурус эмес. Себеби, ал проблеманын негизи. Өкүмдарлыкка карай багыттанышыбыз да дурус эмес. Себеби, ал проблеманы вужудга келтирүүчү фактор. Бүткүл этибарыбыз калкка карай, түшүнүктөрдү өзгөртүүгө карай каратылуусу керек. Ошондой болгон соң, адамдарды, калкты, түшүнүктөрдү өзгөртүүгө даъват кылабыз. Салтанатты өзгөртүүгө аракет кылабыз. Бирок, негизги ишибиз өкүмдарлыкты эмес, адамдардагы түшүнүктөрдү өзгөртүү.

## ПРОБЛЕМАНЫ ЧЕЧҮҮ

Тафаккурдагы суздук – проблема, же проблеманын акыйкаты. Бул суздук Батыштын өлкөлөрүбүз үстүнөн, анын пикирлеринин адамдар үстүнөн өкүмдөрлыгынан келип чыккан. Ошондуктан да, бир караганда негизди чечүү проблеманы чечкендей (муалажа) болуп көрүнөт. Бирок, ага тереңирээк назар таштай турган болсок, эки иш анык болот. Бири, проблеманы дагы да чоңойтуу. Экинчиси, проблеманы чечүүдөн качуу. Ушул себептен улам, бул негиз мулахаза кылынышы гана керек. Чечүү ага байланыштуу эмес. Батыш жана анын өкүмдарлыгы бардык балээлердин, алардын катарында тафаккур суздугунун да негизи. Чечүүнү бир гана ушул негизге каратуу – ал жок болушу менен суздук да жок болот дегени. Бул сөз жалпысынан туура болсо да, аракет (маънат – мээнет) кылуу да керек. Аракетти мулахаза кылбоо проблеманы чоңойтуу дегени. Ошентип, проблема негиздин жок болушу жана аракеттин болушу. Ал тургай, негиз жок болгон тагдырда да, аракет болушу керек. Негиз калтырган издерди жок болууга алып бара турган фактор негиздин өзү эмес, аракет. Ошондуктан да, чечүүнүн асли негизди жок кылуу эмес, аракет. Демек, аракет – чечүү. Негиз т.а. Батыштын өкүмдарлыгы мавжуд болуп калабы, жок болуп кетеби, айырмасы жок, анын жок болушу аракетти жеңилдештирип, көбүрөөк натыйжа берүүгө алып барса да. Ушуга караганда, аракеттин өзү түздөн-түз чечиши керек. Себеби, анын өзү гана негиздин издерин өчүрөт. Демек, эң биринчи бардык нерседен мурун аракет керек.

Ошентип, тафаккурдагы суздуктун дабаасы – аракет. Ушуга караганда, аракет кылуу шарт. Анткени, ансыз чечип болбойт. Ушул себептүү, тафаккур суздугунун, тапкырлык жоктугунун же аны вужудга келтирүүнү чыныгы дабаасы аракет гана. Аракет тафаккурдагы суздукка каратылат.

Бул аракеттин багытталышы кандай болот?

Биринчиден: Калкка жана шахстарга (жеке адамдарга) пикирлөөлөрү үчүн көп нерселерди бетме-бет келтирүү керек. Мына ушул пикирлөө жана сүйлөшүү арасында пикирлөөдөгү суздукту мулахаза кылуу мүмкүн болот. Суздукту сезүү же мулахаза кылуу чечүүнүн башталыш чекиттери болуп эсептелет. Эми бул мулахаза же сезүүнү терең үйрөнүп түбүнө жетели. Мисалы, адамдарга алардын келечеги, вакиъи же тарыхы

туурасындагы бир маселени таштайлы. Мына ошондо алардын талдоону (тахлил) суз алып барып жаткандыктары айынан иш колдорунан чыгып кетип жаткандыгын көрөбүз. О.э. алар вакиълерин да, тарыхтарын да бир ыкма менен талдашат. Негизи, келечектин, вакиънин, тарыхтын талдоолору башка-башка нерселер. Бирок, алар суз тафаккурга адаттанып, бул нерсе алар үчүн табигый болуп калганы үчүн, талдоону созуп, механикалык нерселер туурасында да философия токуй беришет. Натыйжада, келечек да, вакиъ да, тарых да айкындашуунун ордуна, кайра огобетер чиелешет. Мына ушул тафаккурдагы суздук бардык адамдагы көрүнүп турган жак. Мына ушул учурда таштаган маселебизди, кандай болушуна карабастан, коё турабыз да, баарындагы жалпы көрүнүштү алып, аларды жакасынан кармап, катуу чабуул кылабыз. Бул иштин өтө жаман айып экенин баян кылып, андан жийиркентебиз. Муну менен аларга «бал – аарынын чыгындысы» дешибиз мүмкүн болсун. Эгер алар тафаккурдагы суздукту т.а. шашпай талдоону жаман көрүп калышса, аларда тездикке майилдик ойгонот. Мына ушул майилдик дабалануунун алгачкы белгиси. Эгер бул майилдик анык көрүнбөсө, аны вужудга келтирүү биздин милдетибиз. Бул нерсе илхам багыштоо же тез муалажа жана тездиктин таасирин ашыруу менен болот. Бул майилдик баарында болбосо да, айрымдарда тубаса түрдө, эч канча өтпөй калгандарында да вужудга келет. Ошондуктан да, оболу маселени ортого таштайбыз, кийин көрүнүп турган тарапка чабуул кылабыз. Натыйжада, тездикке майил болууга жетишебиз. Мына ушул нерсе ийгиликтин алгачкы көрүнүшү болот. Суздукту дабалоо шарх, баян, хытаб жана китеп менен эмес, амалдарды өз ичине алган белгилүү бир сөздөр менен же амалдардын өзү менен пайда болот. Мына ушул аракет. Демек, аракет белгилүү бир сөздөр жана көрүнүп турган амалдар.

Экинчиден: бул ишти арты-артынан берилип, адамдар же жеке адамдарда оор көрүү (малал) пайда болгонго чейин кылуу керек. Бир же эки адамдын «болду, жетишет» дегени жетиштүү болбойт. Бардык адамдардын ушул сөздү айтуусун күтпөстөн, алардын малалданып жатканын сезүү лаазым. Мына ошондо гана токтош мүмкүн. Бир канча закаваттуулардын же шахстардын сөзү менен улантууну токтотуп койбоо керек. Улантуу пайда бербей жатканын

сезгенге чейин улантып, сезилер замат токтотуу керек. Бир нече закаваттуулардын вакиъсинен эмес, жалпы вакиъден сезиш керек.

Үчүнчүдөн: Улантууну ар кыл ыкмалар менен алып баруу керек. Адамдар алдына алардын вакиълери, келечектери, тарыхтары маселеси ташталган соң, алардын жашоо шарттарынын төмөндүгүнө токтолуп, жашоо түзүмүн белгилөө, аны кылыч, күч менен болсо да коргоо, бул таризге каршы чыккандарга «уступка» бербөө, аларга карата душмандарча мамиледе болуу жана башка маселелер ар кыл түстө ташталышы керек. Ушул эле учурда, бул маселелер жанды коркунучка салуу, отургуч, табак сыяктуу механикалык нерселер эмес, тафаккурга үндөөчү маселелер болушу лаазым.

Төртүнчүдөн: Маселелерди ортого таштап жаткан убакта, алардан жана алардын акыбетинен кабардар болуу керек. Анткени, муну менен алардын үстүнөн чыгарып жаткан өкүмү, билдирип жаткан мулахазалары туура болсун, муну менен сүйлөөчүнүн да, угуучунун да огу бутага дал тийсин. Эгер кабардарлык болбосо, бардык нерсе ойрон болот. Себеби, ансыз улантуудан, кайталоодон жана ар кылдыктан пайда жок. Демек, кабардарлык – чечүү зарылдыктарынын бири.

Кош, эми "Ким чечет?" деген суроо турат. Зээнге дароо жетекчилер, калыстар, адамдар жана шахстарды башкаруучулар деген пикир келет. Бирок, вакиъ ар бир адам ушул төрт шарт негизинде жүрсө, бул ишти кылышы мүмкүндүгүн көрсөтүп турат. Ошондуктан да, чечүү белгилүү бир кишинин темасы эмес, жалпы тема. Ал жетекчилерди, калыстарды, башкаруучуларды, жалпысынан, бардык адамдарды өз ичине алат. Ал тургай, бирөө өзүнө-өзү маселе таштап, өзүнөн-өзү чечсе да боло берет. Ушул себептүү, чечүү ар бир адамдын мүлкү экендигин билүү керек. Ар бир адам – мейли, бир шахс болсо да – өзүнө өзү болсо да ишке ашырышы мүмкүн. Демек, маанилүүсү, кимдин чечиши эмес, чечүүнүн өзү.

## АРАКЕТ МЕНЕН ТАПКЫРЛЫК

Биз аракет тафаккурдун суздугун т.а. тапкырлыкты дабалайт дедик. Бирок, тапкырлыкты муалажа кылуу үчүн дагы бир нерсе да кошулушу керек. Себеби, тапкырлык тафаккур жана закаваттан келип чыкса да, ал закаватсыздардан да, же закаваты төмөндөрдөн да жүзөгө келе берет. Мындан тышкары, тез пикирлөө тапкырлыкты кээде вужудга келтирсе, кээде келтирбейт. Ошондуктан да, аракет негизинде тез пикирлөөнү вужудга келтирип тапкырлыкты чечүү өтө оптимисттик жана нерселерге алардын акыйкатынан же көтөрүшүнөн көбүрөөк нерсени берүү болуп саналат. Умар ибн ибн Хаттаб ﵁га бир аялдын арыздануусу мисалында буга вакиъий далил бар. Ал аял Умар ибн ибн Хаттаб ﵁нун алдына келип, эринин үстүнөн даттанды. Бирок, ачык айтпады. Тапкырлыгы бар адам түшүнө тургандай кылып ишара кылды. Умарга: "Эрим түнкүсүн намаз окуп, күндүзү орозо тутат", - деди. Буга жооп кылып, Умар: "Жакшы эр экен" деди. Аял кетти. Тургандардын бири Умар ﵁дан закаваты жана тез пикирлеши аз болсо да: "Аял эринин үстүнөн даттанды эле, ага инсап кылбадыңыз", - деди. Умар "кандайча?" деп сурады эле, "Эри түнкүсүн намаз окуса, күндүзү орозо тутса, аялына качан бошойт?" - деп жооп берди. Ошондо Умар: "Туура айттың" деп, арызды канааттандырууга аракет кылды. Ушул абалда Умарда тапкырлык болбоду жана тез пикирлөө ага пайда бербеди. Демек, аракет тез пикирлөөнүн өзүнө каратылса да, андан тапкырлыкты вужудга келтирүү ирада кылынган убакта башка бир нерсени да кошуу лаазым. Ал нерсе тапкырлыктын бар экендигине далалат кылуучу маселелер баяны. Каерде маселе ташталып кайталанса, түрдүүлөшсө, тез пикирлөө пайда болот. Бирок, ал тез пикирлөөнү эмес, тапкырлыктын өзү чече турган убакта тапкырлык далалат кыла турган маселелер баяны да кошулушу керек. Аларды идирек кылуу тапкырлыктын бар же жоктугун көрсөтөт. Тапкырлыктын тез пикирлөөдөн келип чыгышы, аны тез пикирлөө натыйжасы экендиги жагынан туура, бирок, ал биротоло натыйжа эмес. Ошондуктан, тез пикирлөөнү чечүү тапкырлыкты вужудга келтирүүнү чечет. Бирок, ал кээде вужудга келтирет, кээде келтирбейт. Демек, тез пикирлөө тапкырлыкка алып барат. Бирок, аны вужудга келтирбейт. Аны вужудга келтире турган нерсе – тез пикирлөөдөгү тапкырлыкты вужудга келтирүүгө алып бара турган касиеттерди тез түшүнүп алуу. Бир мисал келтиребиз. Акын мына ушул ыр сабы менен амирди мактады:

Сахаватта Хаатам, хилмде Ахнаф,

Закаватта Аяс – амирге шараф.

Ошондо тургандардын бири «амир сен сыпаттагандан жогорураак» деди. Амирдин шижаат, сахават, хилм жана закаватта айтып өткөндөрүнөн жогорураак делгенин тез түшүнүп, акын сөздү мисалга буруп, төмөнкү саптарды айтты:

Төмөнтөн мисал алсам айыптаба,

Сахават жана шижаат айтылганда.

Алла Таала төмөндөн мисалдатып,

Өз нурун окшоткон-го шамчыракка.

Акын тапкырлыгы себептүү, айыбын түшүндүрүп берүүчү формада үзүрүн айтты. Анын сөзү амирди төмөндөтүү деп түшүнүшү туура эмес экендигин баян кылды. Себеби, кеп акыйкатты баян кылуу эмес, жөн эле мисал келтирүү эле. Бардык нерседен улуу болгон Алла Өзүнөн кичине жана төмөн нерселерди мисал келтирген. Эгер анын тапкырлыгы жана вакиъни тез ылгап алышы болбогондо, балекетке дуушар болмок эле. Мактамакчы болуп, жамандоо коркунучуна түшүп калар эле. Демек, аны тапкырлык же тапкырлыкка алып баруучу тез ылгап алуу куткарып калды. Ал болбогондо, коркунучка дуушар болмок эле. Ошентип, тапкырлык тез ылгап алуудан келип чыгат. Андан башкасынан келип чыгышы мүмкүн да эмес. Тез ылгап алуу болсо, ар дайым тапкырлыкка алып бара бербейт. Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه тез ылгай турган адам болушуна карабастан, бул нерсе аны тапкырлыкка алып барбаганы буга мисал. Машхур эки байтта болсо тез ылгап алуудан тапкырлык келип чыкты. Ушуга караганда, болуп жаткан окуялар тапкырлык тез ылгап алуудан гана пайда болуп жатканын анык көрсөтүп турат. Эгер тапкырлык вужудга келтирилмекчи болсо, тез ылгап алууну да вужудга келтирүү шарт. Ошондуктан да, адамдарда тез ылгап алууну вужудга келтирүү үчүн аракет кылуу керек. Бирок, тез ылгап алуу тапкырлыкты кээде келтирип чыгарса, кээде келтирип чыгарбайт. Аны келтирип чыгаруу үчүн башка нерселерди да келтирүү зарыл. Алар коюлуп жаткан маселеге тиркеме кылынчу идирек кылына турган иштер баяны. Алардын мавжуд болушу жана идирек кылына турган иштерден болушу жетиштүү болбойт. Эгер Умар ибн Хаттабдын алдында тургандардын биринде тапкырлык болбой, ал кишинин назарын аялдын сөзүнө каратпаганда, Умар رضي الله عنه аны ылгап албаган болор эле. Эгер акын каршылык билдирүүчүнүн сөзүндөгү маанини

түшүнбөгөндө, айыбын ылгап, кийинки ыр саптарын келтире албаган болор эле. Демек, нерсеге же сөзгө тапкырлык менен болобу, же тапкырлыкты талап кыла турган нерсе менен болобу, назар таштоо лазым. Ошондуктан да, тез пикирлөөдөгү аракетте тез пикирлөөнүн өзү гана эмес, тапкырлыкты вужудга келтирүү ирада кылына турган болсо, ага башка нерселер да кошулушу шарт. Мисалы, адамдарга алардын келечеги маселеси ташталсын. Шахстын келечеги болобу, үммөттүн келечеги болобу, мамлекеттин келечеги болобу, айырмасы жок. Мисалы, айтайлы, Египеттин келечеги. Бул үчүн адамдардагы жашоо деңгээлине же болуп жаткан социалдык зулумга назар таштоонун өзү жетиштүү эмес. Мындай убакта алар дароо социализмди тандашат. Себеби, аны өндүрүштө алдыңкы, жашоо деңгээли бийик жана ушул бийиктиги менен социалдык зулумга чек коёт деп билишет эле. Демек, тез пикирлөө кээде ирада кылынган нерсенин тескерисине да алып барып коёт. Бирок, эгер адамдардын мусулман экендиги, Ислам жыргал турмуш дегенде «токтук – шоктук» дегенди назарда тутпашы, социалдык зулумга чек коюу дегенде, бардык кыйматтарды, айрым адамдардагы өзгөчө закават жана жөндөмдү жерге уруунун назарда тутулбашы да кошулса, натыйжа ойдогудай болот. Мындай кылынбаса туура эмес тандоого жана тапкырлык же тез пикирлөө аркылуу акыйкатка жетип барбоого алып барып коюшу мүмкүн. Ошондуктан да, Египеттеги адамдар мусулман экендиги, келечектин дабаасы Ислам экендиги кошумча кылынышы керек. Демек, тапкырлык пайда болушу үчүн коюлуп жаткан маселеге кошумча кылып, чыныгы нерселерди киргизүү керек. Алардын мисалы, Египеттегидей мавжуд болушу да, же Франциядагыдай мавжуд болбошу да мүмкүн. Демек, тапкырлыктын вужудга келиши жана тез пикирлөөнүн өзү болуп калбастан таасир көрсөтүшү, натыйжа бериши үчүн кошумча болушу зарыл. Ушуга караганда, аракет тапкырлыкты, айрыкча, натыйжа бере турган тапкырлыкты ар дайым эле вужудга келтире бербейт. Ошондуктан да, тез пикирлөөнү вужудга келтирүүдө аракеттин өзү туура болот, ал эми тапкырлыкты вужудга келтирүүдө, аны натыйжа-жемиш бере турган кылууда башка бир кошумчанын да болушу зарыл. Ал ташталып жаткан маселеге назар каратуу. Ал эми, кемчиликтүүлүгүн (накыс) же андагы нерсени баян кылуу болсо, Умар ибн Хаттабга эри тууралуу даттанган аялдын мисалындай, жашыруун иштерден.

## ЭҢ ОБОЛУ ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Туура, бардык проблема адамдардын тафаккурду ыйыкташтырып, аны менен убара болуп калышканында жатат. Муну зыян жеткирбестен дабалап болбойт. Себеби, тафаккур менен алектенүү мустахаб иш болуп, андан кайтаруу, турмуштагы ийгилик негизинен кайтаруу менен барабар. Тафаккурду ыйыкташтыруу, аны менен алек болуу мустахаб эле эмес, ал тургай важиб иш. Себеби, ал эң улуу кадрияттардын бири болуп, үммөткө жана шахстарга зыян кыла турган башка кадрияттарга чек коёт. Ошондуктан да, тафаккурду ыйыкташтыруу шарт. Зыян жеткирбөө үчүн т.а. адамдарды тафаккурду ыйыкташтырып, аны менен алек болууларынан ажыратып койбоо үчүн бир иш кылуу керек. Т.а. тафаккурдун жанына башка нерселерди да кошумча кылуу лазым. Мисалы, адамдардын тафаккур менен алек болуп жаткандыктарынын жанына анын вакиъсин же пикирленип жаткан нерсенин вакиъсин кошуп беребиз. Ошондо алар механикалык нерселер туурасында да пикир жүргүзө бербестен, аларды көрүү же атын угуу менен чектелишет. Мугомора, табак, отургуч деген нерселерге зээнди убара кылып, тафаккурду алек кылуу туура эмес. Ушинткенде тафаккур менен алектенүүгө да, аны ыйыкташтырууга да жолтоо кылбаган, балким, аны өз ордуна койгон болобуз. Мына ушул убакта адамдар механикалык нерселер туурасында пикир жүргүзүүдөн кайтышат да, тафаккур менен алек болуулары, аны ыйыкташтыруулары кала берет. Айтайлы, тафаккур өз жолунда кете берсин. Каерде шашылуу керек болсо шаштыралы. Бул нерсе аракет менен болот. Каерде акырындык керек болсо, секин кете берсин. Саясат туурасында пикирлөөдө же пикирлер далалат кыла турган далалаттар туурасында пикир жүргүзүүдө ушундай болот. Мындай убакта тездик эмес, секиндик пайда берет. Ушуну менен тафаккурдун биз каалаган тарабыбыздан эмес, өз жолунан барышын камсыздаган болобуз. Каерде тездик керек болсо – тездик, каерде тездик керек болбосо – акырындык болот. Тапкырлыкты вужудга келтирүү үчүн тездик зарыл болсо да, бирок, ал турмуштагы бардык нерсе эместигин билүү лазым. Ошондуктан да, тездикти турмуш согушунда жеңишке жетүү үчүн жетиштүү өлчөмдө гана вужудга келтиришибиз керек. Анын бардык нерсеге үстөмдүк кылуусуна жол бербешибиз керек. Бул сөз жана окуялар туурасындагы иш,

ал эми максат болсо, эң биринчи аны вужудга келтирүү. Т.а. дилдер тафаккур менен гана убара болуп, аны ыйыкташтырып гана калбасын. Ушул эле учурда ал пикир менен алектенүүгө жана аны ыйыкташтырууга тоскоолдук кылып койбосун. Башкача айтканда, турмушта жана адамда "туйгу борбору" деген нерсе бар. Эң биринчи кылынышы керек болгон иш, адамдарга ушул борборду түшүндүрүү. Эгер дилдер бул борборду жана анын адамга таасирин инкар кылышса, туйгудан жатыркап, тафаккур менен убара болуп, анын ыйыктыгы туйгуга жана бардык нерсеге үстөмдүк кылууга жол ачып берген болот. Ырас, тафаккур жана тапкырлыкты дабалоо ирада кылынып жаткан соң, туйгуга, анын борборуна, таасирине жана мавжуд болушунун зарылдыгына таянуу лазым. Адам акыл жана туйгудан куралган. Ислам акылды да, туйгуну да бирге алып келген. Туйгу да акыл сыяктуу адамдын ажыралгыс бир бөлүгү. Жакшы көрүү, жаман көрүү, жалкоолук, кайраттуулук, капалык жана курсанттык сыяктуу иштерден адам айры боло албайт о.э. акылдан да. Эгер адам туйгу тарапка гана өтүп кетсе, турмуштагы башкарууну жоготот. Тафаккур же акыл менен гана алек болуп калса, бекемдигин (катъият), кубатын жоготот. Себеби, туйгу аракетке келтирүүчү, акыл болсо жолго салуучу фактор. Жолго салынбаган аракет бардык нерсени ойрон кылат. Жолго салынганы менен аракет болбосо, эч кандай натыйжа бербейт. Ислам турмушта үммөттү акыл жана туйгу менен башкарып барган убагында алкышка татыктуу болгон. Замандар өтүп, түрдүү окуялар жүз берген соң, туйгу өз аракети менен, кадимки түрткү кубаты менен жүрүп олтуруп, жолго салуучуга муктаж болбой, өкүмдарга айланды. Мына ушул учурда Ислам жана мусулмандар менен куфр жана кафирлер ортосунда согуш башталды. Мусулмандар жолго салуучуну т.а. тафаккурду жоготушкан эле. Ошондуктан да, алардын аракеттери эч кандай натыйжа бербей, душман жеңишке жетти. Алар «Душман акыл жана тафаккур менен жеңишке жетти. Биз болсо туйгу менен убара болуп калганыбыз үчүн жеңилдик» деп ойлошуп, туйгудан жүз үйрүштү жана тафаккурга карай багыттанышты. Натыйжада тафаккур келтирип чыгарышы мүмкүн болгон бардык нерседен куру калышты. Тафаккурду ыйыкташтырып, механикалык нерселерге оролошуп, суз пикирлей турган болуп калышты. Натыйжада, туйгу болбогондугу себептүү, тапкырлыктан кол

жуушту. Ошондуктан да, эң биринчи туйгуну өзүнүн ылайык ордуна кайтарышыбыз керек. Мына ошондо тафаккур өз огуна кайтат. Механикалык нерселер туурасында пикир жүргүзүлбөстөн эле адамда тез пикирлөө вужудга келет. Демек, маселе тафаккурга эмес, туйгуга жана анын ордуна алакадар. Ушул себептүү, эң биринчи адамда болгон туйгуну ишке кайтаруу керек. Демек, проблема адамдардын пикир менен алектенүүлөрү жана аны ыйыкташтыруулары эмес, балким туйгуну өз борборуна кайтаруу. Туура, туйгу да адамда акыл сыяктуу мавжуд болуп, аны эч ким адамдан сууруп ала албайт. Бирок, маселе туйгу менен алектенүү жана тафаккур менен алектенүү маселеси. Туйгу адамда дагы эле бар, бирок, аны менен алектенүү жоголуп, мунун үстүнө ага каршы чабуул башталды. Тафаккур менен алектенүү артып, туйгунун ордун да ээлеп алды. Ушул себептүү, кафирлер адамдарды туйгудан буруп жиберүүгө жетишти. Ырас, андан бурулушкан соң, анын астындагы нерселерден да кол жуушту. Тез пикирлөөдөн да, тапкырлыктан да ажырашты. Тафаккур менен алектенүүгө эт-бетинен кетип, бардык адамдарда тафаккурдан пайдалана албоо, тапкырлыкты жоготуу жүзөгө келди. Мунун негизи тафаккур менен алектенүүгө чектелип, туйгу менен алектенүүнү четке сүрүү болду. Ырас, адам акыл жана туйгудан куралган соң, алардын бирин иштен чыгаруу, башкасын да иштен чыгаруу дегени. Т.а. туйгуну иштен чыгаруу, акылды да иштен чыгаруу дегени. Себеби, ал иштен чыкпаса да, туйгусуз натыйжа бербейт. Ошондуктан да, акыл же тафаккур туйгу мавжуд болгондо гана натыйжа бериши мүмкүн. Бул жерде туйгудан анын адамда тубаса бар болушу эмес, аны менен алектенүү назарда тутулуп жатат. Демек, туйгу менен алектенүү тафаккур менен алектенүү менен бирге тафаккурду өз ордуна кайтарып, аны жемиштүү кылат. Ушуга караганда, тафаккурдун жемиштүүлүгүнүн дабаасы тафаккур менен алектенүү. Ушул себептүү, эң биринчи кылышыбыз керек болгон иш – тафаккур менен алектенүүнүн жанында туйгу менен да алектенүү.

## АРАКЕТ ЖАНА ТАПКЫРЛЫК

Аракет тез пикирлөөнү вужудга келтирет же пикирлөөнүн тездешүүсүнө алып барат. Тез пикирлөө болсо, тапкырлыкты вужудга келтирет же тапкырлыкка алып барат. Бирок, тапкырлык өзү өзүнчө бир нерсе. Тафаккур канчалык тез болбосун, аракет канчалык күчтүү жана бекем болбосун, тапкырлык өзүнчө мавжуд болбосо, аны вужудга келтирүү үчүн кылынган ар кандай жасалма иштен пайда жок. Буга далил, Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه окуясы. Шексиз, ал кишиде тез пикирлөө да, тапкырлык да бар эле, бирок, аялдын эри үстүнөн даттануусу окуясында алар иш бербеди. Аялдын эри жөнүндөгү «түндөсү намаз окуп, күндүзү орозо тутат» деген сөзүнөн эрди-катындык укуктарын бузуп жатканын гана назарда тутуп, Умарга арызданып келгенин таба албай калды. Умар бул арызды түшүнбөдү. Ал аял эрин мактап жатат деп түшүндү. Тургандардын биринде тапкырлык бар болуп, арызды түшүндү. Бул окуяда Умар رضي الله عنهда болбогон тапкырлыктын башка бир адамда болушу ар бир окуяда өзүнчө бир тапкырлык бар экендигинин далили. Ошондуктан да, аракет тапкырлыктын өзүн эмес, тапкырлык фикратын вужудга келтирет. Демек, тапкырлык тез пикирлөөгө, нерсени тез ылгап алууга, окуяга, кишидеги тапкырлык фикратынын мавжуддугу менен бирге алакадар. Тез пикирлөө сыяктуу иштер, аракет сыяктуу пикирлөө тапкырлык фикратын вужудга келтирүү түрткүлөрүнөн башка нерсе эмес. Тапкырлык болсо өзүнчө бир касиет болуп, ал өз-өзүнөн пайда болушу шарт. Ушуга караганда, ырас, кеп тапкырлык жөнүндө болгон соң, анын адамдар жана шахстарда өз-өзүнчө болушу лаазым. Анын пайдаларын, даярдыгын, өнүп өсө турган жерин вужудга келтирүүчү фактор – анын фикраты. Өзү болсо абалдарга, шарттарга, сөздүн же окуянын жүрүшүнө карай вужудга келет же келбейт. Мисалы, Умар ибн Хаттаб аялдын эри жөнүндө түндөсү намаз окуп, күндүзү орозо тутушун сүйлөшүн мулахаза кылбады. Бул сөздүн дал ушул амирул муъмининге сүйлөнүүшү мактоо эмес арыздануу деп этибар кылынышы жөнүндө ойлоп көрбөдү. Бул нерсе аны тапкырлыктан буруп жиберди. Башка бир адам болсо мулахаза кылып, өзүндө тапкырлыкты вужудга келтирди. Мына ушул мулахаза кылбоонун өзү анда т.а. амирул муъ门mининде тапкырлык жок дегени эмес. Анткени, тапкырлык фикраты тиги адамдан көрө Умар رضي الله عنهда көбүрөөк. Бул жерде Умар رضي الله عنه кылбаган

мулахазаны тиги адам кылды. Демек, тапкырлыкты вужудга келтирген фактор – белгилүү бир абал. Ар абалда бул да закаватка далалат кылат. Демек, тапкырлык фикраты жок адамдан тапкырлык садыр болбойт. Ал тургай, фикраты бар адам да белгилүү бир окуядагы белгилүү бир абал жана иштерди мулахаза кылып көрүшү керек болот. Ошондуктан да, бир окуядагы белгилүү бир абал жана иштерди мулахаза кылып көрүшү керек болот. Ошондуктан, бир окуядагы тапкырлык кимден садыр болсо, анда табигый тубаса экен деген тыянакты бербейт, мейли, анда тапкырлык фикраты бар болушу шарт болсо да. Демек, тема адамдарда тапкырлыкты вужудга келтирүү үчүн аракет кылуу. Бул нерсе анын фикратын пайда кылуу менен болот. Тапкырлыкты вужудга келтирүү үчүн аракет кылуудан турган жогоруда айтып өткөн талкуубуз анын өзүн эмес, фикратын же ал үчүн даярдыкты пайда кылуу үчүн кылынган иш. Ошондуктан да, белгилүү бир ишти мулахаза кылуу тапкырлык талкууларынан делбейт. Себеби, ал өткүнчү нерсе. Кээде тапкырлыкты вужудга келтирсе, кээде келтирбейт. Негиз – адамдарда тапкырлыктын өзүн эмес, фикратты же даярдыкты вужудга келтирүү.

Биз тапкырлыкты жоготтук деп арызданып жатканыбыз жок. Балким, тапкырлык фикраты, ал үчүн даярдык бүтүндөй жок болуп кеткенине наалып жатабыз. Демек, аракет анын фикратын ага лазым болгон даярдыкты вужудга келтирүү үчүн болушу керек. Ошондон кийин аны вужудга келтирүүгө үндөө мулахаза, вакиълер, окуялар жана шарттарга коюп берилет. Ушуну билишибиз керек, биз адамдарда тапкырлыкты дароо пайда кылмакчы эмеспиз. Себеби, бул аракет макул келбейт, пайдасыз жана ошол эле учурда болушу мүмкүн болбогон иш. Ошондуктан да, тапкырлыкты тарбиялай турган факторду, анын өнүшү үчүн өнүмдүү жерди, башкача айтканда, анын фикраты же ага лазым болгон даярдыкты вужудга келтирүү үчүн аракет кылуу важиб. Мына ушул учурда тапкырлык вужудга келип, анын мавжуддугу табигый ишке айланат. Бүткүл Ислам диярларында мусулмандар тапкырлыкты бүтүндөй жоготушканы жок. Болгону, аларды тапкырлыкка үндөй турган бир үндөөчү жана аны өстүрө турган жер гана калбады. Демек, мына ушул жерди, мына ушул климатты, башкача айтканда, тапкырлык фикратын жана ал үчүн даярдыкты пайда кылуу жолунда аракет көрүлүшү керек.

## УШУЛ КҮНДҮН ВАКИЪСИ

Адамдарда күндө болуп турган абал, алардын шахс, жамаат жана коом болууларына карабастан, ар бир нерсе туурасында суз пикирлөөлөрү. Ар бир нерсени арзыса-арзыбаса да үйрөнө беришет, пикирлей беришет, изилдей беришет. Бул нерсе тапкырлыкты вужудга келтирүү үчүн шарт даярдоого тескери иш. Себеби, ал адамды тез пикирлөөдөн аста-секин узакташтырып, суз пикирлерге, үйрөнө берүү, изилдей берүүлөргө дуушар кылып коёт. Ошондуктан да, тапкырлыкты вужудга келтирүүдө бул вакиъден чыгып, тез пикирлөөгө карай жүрүү керек. Суз пикирлөөдөн чыгылбаса, тапкырлыкты жүзөгө келтирүүгө да, анын жерин (б.а. шарт) даярдоого да өтүп болбойт. Демек, чечүүдөгү этибар тапкырлыктын өзүн эмес, анын жерин, фикратын, же ага даярдыкты жүзөгө келтирүүгө каратылуусу лазым.

Тапкырлык менен тапкырлыктын пайда болушунун ортосунда айырма бар. Мисалы, Умар ибн Хаттабдын кылымын, ошол кылымда жашаган жамаатты же Ислам менен башкарылып жаткан коомду алалы. шахстарда да, жамааттарда да, коомдо да тапкырлык күчтүү түстө мавжуд эле. Тапкырлык Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه дан же жамаатындагы башка бирөөсүнөн жүзөгө келиши маанилүү эмес. Маанилүүсү, анын бар экендиги. Биз мына ушул кылымда, мусулмандар жамаатында жана алардын Исламга багыт алган коомунда аны вужудга келтирмекчибиз. Андан кийин жетекчилерде же жөнөкөй адамдарда анын болуш-болбошу башка маселе. Бирок, ал закаваттуулардан садыр болот. Акылы аздардан болсо, кемден-кем жүзөгө келиши мүмкүн.

Бар болгон тема жоктон бар кылуу эмес, болуп турган вакиъни чечүүдөн турат. Болуп турган вакиъ тапкырлык жеринин жоктугун көрсөтүп жатат. Демек, максат аны пайда кылуу. Т.а. бардык нерседен мурда мына ушул жерди даярдоо. Ушул себептүү, вакиъни, адамдардын абалын түшүнүп туруп, алар чечилет. Вакиъ – суз пикирлөө, үйрөнө берүү, текшере берүү фикратынын мавжуддугу. Мына ушунун өзү тапкырлык фикратын өлтүрүүгө жетиштүү. Демек, дегинкиси, үйрөнө берүү, текшере берүү фикратын жок кылуу керек. Муну менен тапкырлык фикраты пайда болсун. Бардык нерседен мурун жер жана климат даярдоо лазым. Андан кийин тапкырлык вужудга келет.

Тапкырлыкты вужудга келтирүү тууралуу айтып өткөндөрүбүз аны пайда кыла турган пикирлер болсо да, бирок, эмнеси болсо да, анын жерин, климатын даярдоо лазым. Демек, асл – климат жана жер. Алар болсо, дилге жана көз карашка алакадар. Жер – дилдин кеселдик коркунучун түшүнүп, дабалануга даяр болушу. Климат болсо – ушул тууралуу жалпы пикирдин жүзөгө келиши. Демек, тема, негизинен, көз караш маселеси. Эгер көз караш "бардык нерсени арзыса-арзыбаса да үйрөнүү, пикирлөө, текшерүү керек"тен турса, тапкырлык т.а. тез пикирлөөнүн вужудга келиши таптакыр мүмкүн эмес. Себеби, бардык нерсени арзыса-арзыбаса да үйрөнө берүү, текшере берүү тапкырлыкты узакташтырат. Демек, эң биринчи дилдерден мына ушул көз карашты жок кылып, аны түп-тамыры менен бүтүндөй өзгөртүп, андан кийин дабалоо жараянын баштоо керек. Асл – жер т.а. негизги көз караш. Көз карашты өзгөртүү менен жер даярдалат. Аны өзгөртүү болсо, оңой иш эмес. Себеби, адамдар бардык нерсени пикирлей берүүгө үйрөнүп калышкан. Туура тыянакка мына ушул пикир алып барат деп билишет. Суз же тез болушуна карабастан, аларга пикир гана керек. Үмүттөрүн пикирге гана байлашат. Ошондуктан да, чечүүнү пикирлөө үстүнө куруу туура иш эмес. Себеби, ал вакиънин, максаттын тескериси. Аны пикирлөөнүн түрүнө, суз же тез экендигине куруу керек. Ушуга караганда, пикирди ыйыкташтырууну, ага үгүттөөнү, өз абалына таштап суз пикирлөөнү жана суз натыйжаларды чечүүгө өтүлөт. Дилдерди пикирлөөдөн кайтаруу эмес, тескерисинче, ага жолдоо лазым. Мына ушуну менен тез пикирлөөнү вужудга келтирип т.а. пикирлөөнү суздуктан тездикке алып өтүп, тапкырлык фикратын вужудга келтирген болобуз. Ал эми, анын мавжуд болушу же болбошу башка маселе болуп, ага аралашуубуздун кажети жок. Себеби, ал изилдене турган, көздөлө турган иш эмес. Ушуга карата, проблеманын вакиъси бизге жер даярдашыбыз үчүн, климат даярдашыбыз үчүн эмне кылышыбыз керектигин көрсөтүп берет. Проблеманын вакиъси адамдардын пикирди ыйыкташтырып, аны бийик мартабада көрүп жатышканы. Ушул эле учурда үйрөнүү, текшерүү шарт деп билип жатышканы. Ушуга ылайык, чечүү мына ушул вакиъ үстүнө курулат. Ал тафаккурдун өзү болушу мүмкүн эмес. Анын жанында үйрөнүү, текшерүү да бар. Пикирлене турган бардык нерсе үйрөнүп-

текшериле бербейт. Механикалык пикирлөөгө үйрөнүү жана текшерүү зыян кылат. Мисалы, отургуч. Ал туруштун бир нерсеси. Аны үйрөнүү текшерүү туура эмес. Ал отургуч деп гана коюлат. Андан ары жагына өтүлбөйт. Кыскасы, ушундай эле түшүнүлүп турган нерсенин вакиъси анын атын айтуунун өзү менен билинип, ал үйрөнүп-текшерилбейт. Механикалык пикирлөө туурасында айтылган кеп башка көп пикирлерге да туура келет. Демек, бардык нерсени үйрөнүп-текшере берүү ката. Тууралык болсо турмуш нерселерине карата көз караштa. Эгер нерсени үйрөнүп-текшерүү керек болсо, үйрөнүп-текшерилсин. Керек болбосо, жөн коюлсун. Ушуну менен чечимге, кала берсе тапкырлыкка жетишебиз.

Нерсени үйрөнүп, текшерүү керек же керек эместигин белгилеп бере турган фактор – аны ороп турган шарттар. Мисалы, Батыш тарабынан Ливан менен Израилдин Ислам диярларына чегаралаш чыгышы Жер Ортолук деңизи хавзасындагы көпүрөнүн эки башы кылып коюлганы шексиз анык бир иш. Бирок көпүрөнүн бир башын бузуу үйрөнүп же текшерүүгө муктаж же муктаж эместигин шарт белгилеп берет. Эгер шарт Батыш көпүрөнүн бул башынан кабарсыз экендигин, аны кыйынчылыксыз бузуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп турган болсо, ал үйрөнүп-текшерүү тоскоолдук кыла турган, ишти аркага сүрө турган, душмандын пайдасына иштей турган бир фактор болуп калат. Ошондуктан, ага чыныгы назар ташталат. Көпүрөнүн бул башын Батыш өзү куруп, андан кабарсыз болушу менен анын бузулушунан коркуп туруунун ортосунда айырма бар. Анын кабарсыз абалында пикирлеп отуруу эмес, ишти тез кылуу, тапкырлык керек болот. Эгер Батыш көпүрө бузулушунун алдын алуу үчүн күч-кубаттарын топтоп койгон болсо, аны үйрөнүү, изилдөө керек болот. Үйрөнүп текшерилбесе, балекет болот. Ушуга караганда, маселе үйрөнүп-текшерүүлөр маселеси эмес, шарттар маселеси. Эгер шарттар үйрөнүп-текшерүүнү талап кылса, үйрөнүп-текшерилет. Алар талап кылбаса, тез түшүнүп, тапкырлыкты иштетүү тезинен ишке киришилет. Ушуга ылайык, хакам – шарттар болот.

Бул биринчиден. Экинчиден болсо, закаваттууларда тез пикирлөөгө махаббат болушу керек. Алар иштин үйрөнүп-текшерүү зарыл болгон түрүнө киреби же жокпу муну билүү үчүн, шарттарды үйрөнүү менен эле чектелбестен, тез пикирлөөгө

адаттанышсын. Бул үчүн алардын этибарын үйрөнүп-текшерүүгө эмес, пикирлөө түрүнө каратуу керек. Алар табиятынан тез пикирлөөгө, тез өкүм чыгарууга, тез токтом кабыл алууга майил болушат. Мына ушунун өзү алар менен өзүнчө, өзгөчө мамиле кылууга жетиштүү болот. Негизинен, бардык нерсеге назар ташталат. Эгер ал пикирлөөгө, үйрөнүүгө жана текшерүүгө ылайык болсо, текшерилет. Эгер ылайык болбосо, аны үйрөнүп-текшерүү зыян жана кечигүүгө алып барат. Закаваттууларга болсо, ар бир пикирде тездик болушу шарт делет. Аларга өзүнчө өзгөчө мамиле кылынат. Ушуну менен бирге, алар суз пикирлөөдөн тез пикирлөөгө т.а. тапкырлыкка секирип өтүүгө жардам беришет. Башкалар болсо аларга ээрчишет. Алардын өзгөрүшү массадагы биз каалаган нерсени т.а. массанын өзгөрүшүн көрсөткөнү үчүн да, аларга өзүнчө өзгөчө мамиле кылынат.

Тыянак ушул, бүткүл коомдон үйрөнүп-текшере берүү фикраты сууруп алынат. Бул нерсе үйрөнүп-текшерүү керек болгон же керек болбогон нерселер туурасында мисалдар келтирүү менен болот. Эгер бир нерседе эки абал болсо, дагы да жакшы. Коомдогу таанымал закаваттуулар менен өзүнчө жана өзгөчө мамиле кылынса, иш жеңилдешет. Маанилүүсү, үйрөнүп-текшере берүү фикратын дилдерден алып таштоо. Иштерди үйрүнүп-текшерилиши керек болгон жана болбогон бөлүктөргө ажыратуу жолунан барылабы, закаваттуулар менен өзүнчө жана өзгөчө мамиле кылуу жолунан барылабы, кайсы жолдон барылышына карабастан, маанилүүсү, дилдерден мына ушул фикратты өчүрүп таштоо.

Эгер жер вужудга келсе же вужудга келтирилсе, аны вужудга келтирүү менен байлануу ишеним чегарасына жетип барса, климатты жүзөгө келтирүү оңой жүрөт. Себеби, сиз өзүңүз климатты пайда кыла албасаңыз да, үйрөнүп-текшерүү болбогондугуна жана болбостугуна ишенимдин өзү аны жүзөгө келтирет. Башкача айтканда, жер вужудга келиши менен климат вужудга келет. Биз климатты т.а. үйрөнүп-текшерүүгө каршы жалпы пикирди вужудга келтиребиз деп өзүбүздү өзүбүз кыйнабашыбыз керек, балким, коомдун, айрыкча, закаваттуулардын үйрөнүп-текшерүү фикратынан суурулуп чыгууларынын өзү менен чектелишибиз лазым. Бардык нерседен

үйрөнүп-текшере берүү фикратын өчүрүп таштоо – бул пайдубал. Ал коюлса, чечим да пайда болот. Коюлбаса, ар кандай чечим зыян кылбаса да текке кетет.

## ТАПКЫРЛЫКТЫН АКЫЙКАТЫ

Тапкырлыктын негиздери жана тафсилаттарына карабастан, анын акыйкаты тез пикирлөө жана тез өкүм чыгаруу. Аялдын амирул-муъмининге эри жөнүндө «түндө намаз окуп, күндүзү орозо тутат» деши бул сөздүн арызданую экендигин тез идирек кылып, «бул сөз даттануу» деп тез өкүм чыгаруу – тапкырлык. Амирул муъмининде тапкырлык вужудга келбей калып, бул сөздү «эрин мактоо» деп этибар кылды жана эч кандай өкүм чыгарбады. Тургандардын биринде тапкырлык бар болуп, аялдын эри жөнүндөгү бул сөзү мактоо эмес, арызданую экендигин тез түшүнүп, «бул арызданую» деп тез өкүм чыгарды.

Демек, тапкырлык акыйкаты кеп же иш, же башка нерсени тез ылгап, ал баланча деп тез өкүм чыгаруу. Мына, ылгап алуу жана өкүм чыгаруудагы тездиктин өзү – тапкырлык. Кээде зээнге тез ылгап алуунун өзү тез өкүм чыгаруудай болуп сезилет. Бирок, вакиъ көрсөткөндөй, тез ылгап алуу өкүм чыгарууга жер даярдап берет, ал эми, ал өкүмдүн өзү эмес, бир адамдын бир сөздөн анын арызданую экендигин ылгап алышы. Ал арызданую деп өкүм чыгарууга жер болуп берди. Бирок, өкүмдүн өзү эмес, ылгап алуу гана. Тээ өкүм садыр болбой туруп, ылгап алуунун өзү эч кандай ишти да, жоопту да талап кылбайт. Өкүм жүзөгө келгенде гана иш да, башка нерсе да пайда болот. Демек, асл да, натыйжа да ылгап алуу эмес, өкүм. Ылгап алуу болсо аклий жараян гана. Тапкырлыгы бар киши аялдын эри жөнүндө айтып жаткандыгын жана аны амирул муъмининге айтып жатканын түшүндү. Натыйжада, анда бул сөздүн арызданую экендигин түшүнүп алуу туурасындагы аклий жараян пайда болду. Ушуга карап, ал эри үстүнөн арызданып жатат деп өкүм чыгарды. Демек, өкүм ылгап алуунун натыйжасы болду, ылгап алуу болсо аклий жараян гана. Ушуга караганда, тапкырлык пайда болушу үчүн тез өкүм чыгаруу жана андан мурун тез ылгап алуу болушу шарт. Ошондуктан да, тапкырлык: тез ылгап алуу жана түздөн-түз андан кийин келе турган тез өкүм чыгаруу. Ушуну менен тапкырлык пайда болот. Анын акыйкаты тез ылгап алуу жана тез өкүм чыгаруу. Ушул мааниде дейсиң, тез ылгап алуу өкүм чыгаруу же тез өкүм чыгарууга жер даярдоочу болсун. Ушул себептүү, андан кийин эмес, мурун келиши шарт. Анын бар экендиги өкүм бар экендигин билдирсе, баары бир өкүм ага муктаж болбой койбойт.

Ылгап алуу канчалык шарт болсо, өкүм чыгаруу да ошончолук шарт. Ылгап алуу вужудга келсе, өкүм чыгаруу албетте вужудга келет. Демек, асл – ылгап алуу. Эгер Умар ибн Хаттаб аялдын эри үстүнөн арызданганын ылгап алганда, аны арыздануу деп уккан болор эле. Бирок, аны мактоо деп укту. Ошондуктан да, анын арызына көңүл бурбады. Натыйжада арыздануу канааттандырылбастан, абал баягыдай кала берди. Себеби, ал арызын арыз угуучу түшүнө тургандай тилде баян кылбады. Ушул себептен улам, арызына кулак салынбады. Анын арыздануу экендигин ажыратып берүүчү тапкырлык вужудга келбей, ал куду болбогондой этибарсыз калды, ушуга негизделип, анын арыздануу экендигин түшүнүү үчүн анын мактап жатканын эмес, арызданып жаткандыгын ылгап алуу шарт. Мындай абалдар, айрыкча, ачык арыздануудан же арызына терс жооп алып калуудан кыжалат боло тургандарда көп учурайт. Ошондуктан да, адамдардын максаттары жүзөгө чыгышы үчүн аларда тапкырлык болушу шарт. Аялдын максаты адилетсиздикке чек коюу эле. Муну ишке ашыруу амирул муъмининдин милдети эле. Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه нун максаты амирул муъмининдин этибары менен адамдардагы адилетсиздикке чек коюу. Бирок, ал аялдын эри үстүнөн арызданып жатканын түшүнбөдү. Натыйжада, анын максаты жүзөгө чыкпады. Т.а. адилетсиздикке чек коюлбады. Эр баягыдай, түнкүсүн намаз окуп, күндүзү орозо тута турган болуп, аял аста-секин эрди-катындык турмушунан махрум болуп кала берет. Амирул муъминин арызды укту, бирок, түшүнбөдү. Натыйжада, максаты ишке ашпады, адилетсиздикке чек коюлбады. Демек, тапкырлыктын болбошу адилетсиздиктин чек коюлбашына же коркунучка түшүп калууга алып барат. Ушул себептүү, тапкырлыктын акыйкатын, анын тез ылгап алуу жана тез өкүм чыгаруу экендигин түшүнүү шарт. Ырас, ал ушундай түстө түшүнүлбөсө, тапкырлык вужудга келбейт. Акыбетте адилетсиздикке чек коюлбайт, коркунучка дуушар болунат. Ушуга караганда, тапкырлыкты пайда кылуу үчүн анын акыйкатын ылгап алуу шарт.

**ТАПКЫРЛЫКТЫН ҮММӨТКӨ ТААСИРИ**

Үммөт – өзүнөн түзүм келип чыга турган бир акыйда негизинде бириккен адамдардын топтому (мажмуа). Ырас, үммөттүн аныктамасы мына ушул болгон соң, факихтер да, араб болобу же түрк болобу, же ажам болобу, үммөт катарынан. Себеби, аларды да өзүнөн түзүм келип чыга турган акыйда бириктирип турат. Амирул муъминин да үммөт катарынан. Себеби, аны да адамдар менен өзүнөн түзүм келип чыга турган акыйда бириктирип турат. Адамдар арасындагы жеке-жеке шахстар да үммөт катарынан. Аларды да жеке-жеке болушса да, өзүнөн түзүм келип чыга турган акыйда бириктирип турат. Эгер калкты улутчулдук же уруучулук бириктире турган болсо, тапкырлык адамдар арасында болсо да, бүтүн калк үчүн мавжуд болбойт. Себеби, калктын түшүнүгү жок. Эмнеге дегенде, улутчулдук жана уруучулуктун өзүнөн келип чыга турган эч нерсе жок. Өзүнөн түшүнүктөр келтирип чыгарбай турган нерсе турмуш түзүмү болсо, ал бардык адамга бир ыкмада өзүн сунуш кыла албайт. Себеби, алардын нерсени түшүнүүлөрү ар түрдүү болот. Ошондуктан да, калктарда тапкырлыктын таасири болбойт. Себеби, алардын түзүмү болсо да, ал жалпы түшүнүктөн келип чыкпаган. Ал баарында мавжуд болушу мүмкүн болсо да, жалпы түшүнүктөн келип чыкпаганы үчүн, аларда тапкырлык пайда кылууга жарабайт. Демек, шахс же шахстарда тапкырлыкты тарбиялоо үчүн, аларды өзүнөн түзүм келип чыга турган акыйда бириктирип турушу лазым. Ушуга караганда, араб, түрк же ажам болсун, алардын баарында жана ар бирinde тапкырлык вужудга келип, аларга таасир көрсөтүшү мүмкүн эмес, себеби, алардын кан жана табиятынан башка байлоочусу жок. Бул эки байлоочудан түзүм келип чыкпайт. Ошондуктан да, аларда тапкырлыкты тарбиялап болбойт. Демек, тапкырлык калктарда эмес, үммөттөрдө тарбия таап, калктарга эмес, үммөттөргө таасир көрсөтөт. Ушуга караганда, тапкырлыктын тарбиялары таасир көрсөтүшү үчүн шахстар үммөттүн бир бөлүгү болушу шарт. Муну менен алардын акыйдасынан бир түзүм келип чыксын. Улутчулдук негизинде бириккен калк сыпатындагы арабдарда тапкырлыкты тарбиялоо жана тапкырлыктын аларга таасир өткөзүшү мүмкүн эмес. Демек, тапкырлыкты тарбиялоо жана анын таасири болушу үчүн өзүнөн түзүм келип чыга турган акыйда болушу керек. Кеп же иш адилетсиздикке чек коюу же коркунучтан сактануу

түшүнүгү тарапка багыттандырылат. Дал мына ушул түшүнүктө тез ылгап алуу же тез өкүм чыгаруу пайда болот. Мисалы, аялдын эри үстүнөн арыздануусу бир түшүнүккө байланыштуу. Ал аялдын ынсаптуулугу жана акысын таануусу. Бул түшүнүк акыйдадан келип чыккан түзүмдөн алынган. Эгер ушул түшүнүк болбогондо, тапкырлык жана анын таасири каяктан болмок эле?! Дагы бир мисалдагы айдоочунун суюктук бензин экендигин түшүнүшү бир түшүнүккө – коркунучка түшүп калбоо түшүнүгүнө тиешелүү. Эгер ал өзүн кенебей тургандардан деп ойлосо, анда түшүнүк мавжуд болбойт. Ошондуктан, кенебегендиги үчүн суюктуктун эмне экендигин да билбейт. Демек, ылгап алууга үндөөчү да, таасир көрсөтүүчү да түшүнүк. Ошондуктан да, тапкырлыкты тарбиялап, анын таасирин вужудга келтирүү үчүн бул иш үммөттө жана үммөт шахстарында болушу т.а. катъий акыйдадан келип чыккан түшүнүктө болушу лазым. Тапкырлыкты тарбиялап, анын таасирин вужудга келтирүү үммөттө т.а. өзүнөн түзүм келип чыга турган бир акыйда негизинде бириккен адамдар топтомунда болушу шарт. Айрым аймактардагы айрым адамдарда тапкырлык болуп көрүнүп жаткан нерсе – тапкырлык эмес, тез мулахаза кылуучулук гана. Себеби, тапкырлык – тез ылгап алуу жана катъий акыйдадан келип чыккан түшүнүккө байланган нерсе үстүнөн тез өкүм чыгаруу. Тез мулахаза кылуучулук болсо, тапкырлык эмес. Эмнеге дегенде, ал нерсенин түшүнүккө байланыштуулугун эмес, анын өзүн тез мулахаза кылуу гана. Ал тапкырлыкка окшосо да, негизи тапкырлык эмес. Ал бардык адамда мавжуд болушу мүмкүн, тапкырлык болсо, үммөттө тарбия табат жана үммөткө таасир көрсөтөт. Анын үммөттө болушу таасир көрсөтүү шарттарынын бири. Ушул эле учурда, ал тарбия табуу жана вужудга келүү шарты да болуп саналат. Себеби, таасирди вужудга келтирүүнүн негизги шарты – өзүнөн түзүмдөр жана түшүнүктөр келип чыга турган акыйда. Мисалы, тез ылгап алуу жана тез өкүм чыгарууну тарбиялоо иши бир түшүнүк негизинде алып барылышы керек. Бул түшүнүк бардыгы ылгап ала бере турган нерсе болушу үчүн, бардыгы итикад кыла турган акыйдадан келип чыгышы керек. Бу нерсе жалаң гана үммөттө пайда болот. Ал баарында мавжуд болсо, таасири да баарында болот. Ушул себептен, тапкырлыктын таасирин бир гана үммөттөн издөө керек. Калк же башка

вужуддарда тапкырлыкты тарбиялоо өтө оор. О.э. анын таасири да болбойт.

Батыш исламий үммөттүн акыйда негизинде бириккенин түшүнүп жеткен соң, акыйдадан түшүнүктөрдү ажыратып алууга урунду. Убакыттын өтүшү менен айрымдарын ажыратып да алды. Натыйжада, тапкырлыкка көңүл бурулбай калып, ал жок болду, таасири да калбады. Эми биз тапкырлыкты дилдерге кайтарышыбыз үчүн түшүнүктөрдү жандандырып, аларды акыйдага байлашыбыз, башкача айтканда, акыйданы турмуш түшүнүктөрүнө – түзүмдөргө байлашыбыз лазым болот. Мына ушул учурда адамдарда тапкырлык вужудга келет, тарбияланат жана өз-өзүнөн таасири да болот.

Тапкырлыктын – тез ылгап алуу жана тез өкүм чыгаруунун – үммөткө таасири анын түшүнүктөрдү канчалык түшүнүп алышына карай болот. Бул иш болсо түшүнүктү акыйдага байлоо менен ишке ашат. Мына ошондо үммөттө тапкырлык табигый өнүгүп, түшүнүк акыйдага канчалык байланса, анын үммөткө таасири ошончолук артып бара берет. Саясий проблемалар, илим-маърифат проблемалары, согуш-коргонуу проблемалары сыяктуулар акыйдага байланыштуу болбогон, адамдын өзүнө гана, коркунуч жана турмушка гана алакадар болгон проблемалар. Алар жөнүндө «акыйдага байланбаган бардык иштер» дешке болот, бирок, вакиъге назар таштай турган болсок, алар адамга байланыштуу проблемалар. Адам болсо, турмуштун акыйкатын түшүнүшү үчүн бир негизге ээ болушу керек. Ал – акыйда. Ушундан келип чыгып, жогорудагы иштер да акыйдага байланат. Ушуга караганда, бул иштерде тез ылгап алуу, тез мулахаза кылуу жана тапкырлык бар. Эгер алар негизге т.а. акыйдага байланышпаса, аларда тез мулахаза кылуунун өзү гана болот. Эгер турмуш негизине т.а. акыйдага байланса, тапкырлык да вужудга келет.

Мисалы суюктукту көрүп, анын бензин экендигин түшүнүп, аны – жолдо кете берсе келип чыгышы мүмкүн болгон коркунучка байлоодо – эгер байлоочу мусулман болсо, аны акыйдага байлайт, коркунучтан этияттанып багытын өзгөртөт. Бул нерсе механикалык түстө болсо да, акыйдага байланганы үчүн ал тапкырлык болот. Эгер ал мусулман болбосо, аны акыйдага байлабайт. Анда тез мулахаза кылуунун өзү гана пайда болот.

Кандай болбосун коркунучтан узакташат. Умар ибн Хаттаб мисалында тургандардын бири аялдын сөзү мактоо эмес, арызданууу экендигин түшүндү. Бул түшүнүү угуучу амирул-муъминин экендигин, аялдын өз эри туурасында сүйлөп жатканын нафл намаз окуу жана орозо тутуу сыяктуу Алланын акысынан көрө аялдын эри үстүндөгү акысы үстөмдүгүн белгилеп бере турган акыйдага байлоодон келип чыкты. Бул тез мулахаза кылуунун өзү гана эмес, тапкырлык да. Себеби, ал акыйдага байланган.

Ушул эки мисалдан тапкырлыктын таасири калкка эмес, бир акыйда бириктире турган үммөткө болушу ачык көрүнүп турат. Адамдарды бириктирүүчү акыйдага байланбаган калкта болсо, тапкырлык эмес, тез мулахазанын өзү гана болот. Качан адамдарда тапкырлыкты вужудга келтирип, анын таасири болушун кааласак, аны калкта эмес, үммөттө ишке ашыруу керек. Себеби, бириктирүүчү акыйда болбосо, эч кандай таасир да болбойт. Бул нерсе эки жактан өтө маанилүү. Биринчиси, анын тапкырлыкты вужудга келтирүү үчүн аракет кылып жаткандагы лазым экендиги. Экинчиси, анын адамдарга таасири жагы. Адамдарга таасири жагы күндөй анык. Эмнеге дегенде, ал адамдарды бириктирүүчү акыйда буюрган нерсени идирек кылуу менен болот. Эгер ал нерсе мавжуд болбосо, анда кантип өзү үчүн этибарлуу болгон нерсени түшүнүп алуу пайда болсун. Акыры ал үчүн этибарлуу болгон нерсеге далалат кыла турган нерсе болбойт-ко! Ушундай болгон соң, таасири да болбойт-да! Тапкырлык үчүн ылгап алуу зарыл. Ылгап алуу болбосо, тездик болгон тагдырда да, тапкырлык вужудга келбейт. Анткени, тапкырлык максатты тез ылгап алуу. Ал байлоо менен гана пайда болот. Туура, кээде ал угуучунун максатын тез түшүнүп алуудан да пайда болот. Бул иш тапкырлык эмес, тез мулахаза кылуучулук эсептелет. Мисалы, ким экендигиңизди билмекчи болгон адам сизге суроо таштады. Сиз абалдын өзүнөн бул суроого өзүңүздү тааныта турган бир жооп беришиңизди каалап жатканын дароо түшүнүп аласыз да, дароо ага анын максатына алып барбай турган жоопту бересиз. Себеби, сиз абалды сүроого байлап, анын максатын ылгап алдыңыз. Бирок, бул нерсе тапкырлык эмес, тез мулахазакерлик гана. Себеби, тез ылгап алышыңыз сиз менен аны байлап тура турган акыйдадан келип чыккан нерсени эмес, анын максатын билгениңизден пайда

болду. Ошондуктан да, бул ылгап алуу тапкырлык эмес, тез мулахаза кылуу болот. Себеби, ал акыйдага да, акыйдадан келип чыккан нерсеге да байланбаган.

Ушуга караганда, акыйдага жана акыйдадан келип чыккан нерсеге байлабастан максатты билүү накыс (кемчиликтүү) билүү. Себеби, ал абалдын өзүнөн же башка нерселерден алынып жатат. Анын натыйжасы туура болушу да, туура эмес болушу да мүмкүн. Ушул себептен улам, ал накыс болуп, тапкырлыкка эмес, тез мулахазалыкка алып барат. Эмнеге дегенде, ал сиз менен аны бириктирип тура турган акыйдага байланбаган. Ал жалпысынан эч нерсеге байланбаган. Байланган тагдырда да, акыйдадан башкасына байланган. Анын тез ылгап алышы туура болгондо да, тез мулахазакерлик бойдон калат. Себеби, ал акыйдадан келип чыккан нерсени эмес, вакиъни тез ылгап алуу.

Сүйлөөчүнүн максатын билүү тез мулахазакерликтен пайда болбойт. Себеби, ал нуксандуу (кемчиликтүү) билүү. Ал байлоодон пайда болот. Сүйлөөчүнүн максатын тез түшүнө турган, арийне, тапкырлыкты бере турган фактор мына ушул байлоо. Вакиъ мына ушул. Бул нерсе таасир калкта эмес, үммөттө болушуна далалат кылат.

Тыянак ушул, тапкырлыктын адамдарга таасири вакиъни тез түшүнүүлөрүн акыйдага жана акыйдадан келип чыккан нерсеге байлоолорунан келип чыгат. Жалгыз вакиъни түшүнүү тез мулахазакерликти гана берет. Максат бардык абалда билинсе да, тапкырлыкты бере турган фактор аны акыйдага байлоо болуп саналат. Сүйлөөчүнүн максатын билүү акыйдага жана акыйдадан келип чыккан нерсеге байланса, туура жана толук (мукаммал) билүү болот. Байланбаса нуксандуу билүү болот.

Ошондуктан да, эки иш болушу зарыл. Бири вакиъни тез идирек кылуу. Бул нерсе тез мулахазакерликти вужудга келтирет жана ал үммөттө да калкта да боло берет. Экинчиси, аны акыйдага жана акыйдадан келип чыга турган нерсеге байлоо. Бул нерсе бир гана үммөткө тиешелүү. Тапкырлыкты анык мына ушул нерсе вужудга келтирет. Ошондуктан да, таасирдин калкта эмес, үммөттө болушун максат кылуу керек. Себеби, ал үммөткө ачык таасир көрсөтөт. Кийин анда тапкырлык табигыйга айланат. Эмнеге дегенде, байлоо – тапкырлык зарылдыктарынын бири. Акыйдага байлоосуз тапкырлык болбойт. Ушул себептүү, үммөткө таасир этүү акыйда

жолунан же андан келип чыга турган өкүм жана пикирлер жолунан максат кылынуусу керек.

## ТАПКЫРЛЫК МЕНЕН ТЕЗ МУЛАХАЗАКЕРЛИКТИН ОРТОСУНДАГЫ АЙЫРМА

Тапкырлык да, тез мулахазакердик да бир иштен – тез түшүнүп алуудан пайда болот. Бирок, тапкырлык өз натыйжалары менен келет. Бир аял Умар ؓга: "Эрим түнкүсүн намаз окуп, күндүзү орозо тутат" деди. Дагы бир аял Пайгамбар ﷺга алма берген. Ал киши алманы эки бөлүккө бөлүп, бир бөлүгүн анын өзүнө берди. Умар ؓга арызданган аялдын мисалында ошол жердеги бир аъробий киши аялдын эрин мактап жатканын эмес, эри үстүнөн арызданып жатканын түшүндү. Ушул иштин мактоо эмес, даттануу экендигин түшүнүү – тапкырлык. Пайгамбар ﷺга алма берген аял болсо, өзүнүн хайзда экендигин билдирмекчи болду. Пайгамбар ﷺ анын максатын түшүнүп, ушуга жараша жооп берди. Бул тапкырлык эмес, тез мулахазакерлик. Себеби, пайгамбар ﷺ анын алма бергенинин өзүнөн хайзды назарда тутуп жатканын түшүндү. Бул иш тез идирек кылуу негизине курулган болсо да, тез мулахазакерлик. Демек, тез мулахазакерлик да, тапкырлык да сүйлөп жаткан же иштеп жаткан адамдын максатын тез түшүнүү. Бирок, бул экөөсүнүн ортосунда айырма бар. Тапкырлыкта сүйлөөчүнүн же иштөөчүнүн сөзү же иштеги максатында бир нече далалаттар болуп, сиз алардын бирин түшүнүп аласыз. Тез мулахазакерликте болсо, жашырган сөзү же ишинде бир гана максат болуп, сиз аны түшүнүп аласыз. Ошентип, тез ылгап алынган сөз же иште тапкырлык жана тез мулахазакерлик ортоктош (муштарак) болот да, кийин ажыралат. Сүйлөөчү же иштөөчү жашырган сөзү же ишинде бир нерсени максат кылган болсо, бул тез мулахазакерлик. Бир нече иштерди максат кылган болсо, бул тапкырлык. Сөз же ишти ороо тез мулахазакерликке, максатты ороо болсо тапкырлыкка алып барат. Экөөсү тең т.а. тапкырлык жана тез мулахазакерлик тез пикирлөөдөн вужудга келиши мүмкүн. Ошондуктан, алар закаваттууларда гана мавжуд болду. Тез ылгап алуу же тез мулахазакердикке же тапкырлыкка алып барат. Эгер ороо же бүдөмүк кылуу сөз же иште болсо, ал тез мулахазакерлик болот. Эгер ороо же бүдөмүк кылуу максатта болсо, ал тапкырлык болот. Ушуга караганда, Умар ؓга «эрим түнкүсүн намаз окуп, күндүзү орозо тутат» деген аял максатын ороп, бүдөмүк кылды. Пайгамбар ﷺга алма берген аял болсо, максатын эмес, ишин ороду. Т.а. максат эмес, иш бүдөмүк болду. Ошондуктан да, бул иш тез мулахазакердик эсептелет. Умар ؓга

арызданган аялдыкы болсо тапкырлык. Бул экөөсүнүн ортосундагы айырма мына ушул. Каерде максат бүдөмүк болсо, ал тапкырлык болот. Каерде сөз же иш бүдөмүк болсо, ал тез мулахазакерлик болот. Асл максат тез мулахазакерликти эмес, тапкырлыкты тарбиялоо.

## ТАПКЫРЛЫКТЫ ПАЙДА КЫЛУУ УСУЛУ

Тапкырлыкты же шахстарда же үммөттө пайда кылуу үчүн аракет кылынат. Анын шахстарда вужудга келгени үммөттө вужудга келгени эмес. Үммөттө вужудга келгени болсо, өз-өзүнөн шахстарда да вужудга келгени. Себеби, үммөт – өзүнөн турмуш түзүмү келип чыга турган акыйда негизинде бириккен адамдар топтому. Ошондуктан, тапкырлыкты адамдарда жана ал тургай, жеке шахстарда вужудга келтирүү бүткүл үммөттө вужудга келтирүү иши болушу керек. Сиз тапкырлыкты үммөттө пайда кылуу усулунан сүйлөңүз. Анын жеке шахстарда пайда болушу да ушулардын катарына кирет. Тапкырлыкты үммөттө вужудга келтирүү акыйданы жалаң гана негиз талкуусу болуп калуудан саясий фикрат же саясий пикир болууга алып өтүү менен башталып, тээ андан келип чыга турган өкүмдөргө жана анын үстүнө курула турган өкүмдөргө чейин жетип барылат. Мына ушул жерге жеткенибизде тез идирек кыла баштайбыз. Эң биринчи акыйданы, кийин болсо анын үстүнө курулган пикирлерди саясий пикирге айландыруудан баштоо керек. Андан келип чыга турган өкүмдөрдүн саясий пикирлерге айланышы болсо акыйданын саясий пикирге айланышынан пайда боло берет. Акыйдадан баштайсызбы, же андан келип чыккан өкүмдөрдөн баштайсыбы, эмнеси болгондо да, негиз ушул. Мисалы, исламий акыйданын "Алладан башка теңир жок. Мухаммад Анын элчиси" болушунун мааниси: Алладан башка маъбуд (кулдук кылынуучу) жок дегени. Сиз үммөт иштерин жана өзүңүздүн иштериңизди ушул акыйда негизинде башкарасыз да, Алладан башкасына пенде болууга, Алладан башкасына ибадат кылууга ыраазы болбойсуз. Бул нерсе үммөт арасында, адамдар арасында сиздин мартабаңызды көтөрөт. Себеби, алар Алланы көрүшпөйт, анын акыйкатын билишпейт. Алар тааный турган адамдарга кулдук кылуудан баш тартышыңыз аларга чоң иш болуп туюлат. Ушуну менен алардын назарында бийиктейсиз. Алладан башка илах жок дегени – Алладан башка маъбуд жок дегени. Эгер ал саясий фикратка айланса, сиздин адамдарга болгон көз карашыңызды жана адамдардын сизге болгон көз караштарын өзгөртүп жиберет. Эгер "Мухаммад Алланын расулу" тарабына да өтүп, ал киши Алла тарабынан алып келген шаръий өкүмдөргө баш ийсеңиз, бардык иштериңизди анын негизинде аткарып, адамдарды да ушундай

кылууга үндөсөңүз, акыйданы саясий фикратка же саясий пикирге алып өткөн болосуз. Акыйдадан баштап, аны саясий пикирге айландырганыңызда ушундай болот. Өкүмдөрдөн баштасаңыз, тапкырлыкты вужудга келтирүү дагы да жеңилрээк, дагы да жакыныраак болот. Себеби, сиз менен адамдар арасын бириктире турган фактор акыйда болгону менен, бул иш андан келип чыга турган өкүмдөр аркылуу жүз берет. Сиз алардын ыймандарына таянып туруп, ушул өкүмдөрдү кармансаңыз, вакиънин өзү тез түшүнүп жетүүгө жана тез байлоого далалат кылат. Умар ибн Хаттаб алдындагы аялдын арызын уккан киши исламий акыйдага этибарын каратканы жок. Себеби, ал аялдын да, амирул муъмининдин да итикаддуу экендиктерин билер эле. Ошондуктан да, ал акыйдадан келип чыккан өкүм т.а. аялдын акысы Алланын (нафилдердеги) акысынан илгери экендигине этибарын каратты. Ушуну менен чектелип, өзүндөгү тез мулахазакерликти мына ушул акыйдадан келип чыккан өкүмгө байлады, ушул байлоо менен анда тапкырлык вужудга келди. Акыйдага байлоого муктаждык сезбеди. Себеби, ал ушул акыйдадагы аялдын ушул акыйдадагы амирге арызданганын билер эле. Бул кишиде оболу акыйдага, андан кийин шаръий өкүмгө байлоо эмес, түздөн-түз шаръий өкүмдүн өзүнө байлоо тапкырлыгы бар эле. Ошондуктан да, тапкырлыкты акыйдадан келип чыга турган шаръий өкүмдөрдөн вужудга келтирүү – жетишүү жеңилирээк жана жакыныраак болгон жол. Ушуга караганда, адамдарда тапкырлыкты пайда кылуу шаръий өкүмдөрдү иштерди башкара турган саясий пикирлерге айлантуу менен болот. Иш бир гана ушуну менен жүргүзүлөт. Бирок, бул иш адамдардын өзүнөн шаръий өкүмдөр келип чыга турган акыйдага моюн сунууларын билүүсүнө байланыштуу. Мисалы, сиз Египетте адамдарды башкармакчысыз. Египет калкы мусулмандар. Алардын баары исламий итикадда. Ушундай болгон соң, шаръий өкүмдөрдү саясий пикирлерге айландырууңуздун өзү менен тапкырлык вужудга келе берет. Ушул ишти Францияда кылмакчы болсоңуз, ал жердеги калк исламий итикадда болбогондугу себептүү, эң биринчи Ислам акыйдасын саясий пикирге айландыруу жолунан барасыз. Мына ошондо акырындык жана көп аракет кылуу менен тапкырлык пайда болот. Демек, Францияда иштөө менен Египетте иштөөнүн арасында айырма бар. Ырас, биз Ислам диярларында тапкырлыкты пайда

кылмакчы экенбиз, сөзүбүз жалаң акыйдадан келип чыга турган өкүмдөр туурасында гана болот. Себеби, тапкырлыкты вужудга келтирүүнүн эң оңой жана жеңил жолу мына ушул.

Адамдарда тапкырлыкты вужудга келтирүү үчүн эң биринчи ишти шаръий өкүмдөрдү саясий өкүмдөргө айландыруудан баштоо керек. Бул жеңил жана ыңгайлуу жол. Анткени, адамдар исламий акыйдага итикад кылышат. Ага жана анын өкүмдөрүнө моюн сунушат. Ушундай болгон соң, сиздин милдетиңиз аларга «бул шаръий өкүм, акыйдага моюн сунуу канчалык важиб болсо, андан келип чыга турган өкүмдөргө моюн сунуу да ошончолук важиб, себеби, ыйман жана куфр шаръий өкүмдөргө байлануу же байланбоо менен болот» деген фикратты жүзөгө келтирип берүү болуп калат. Адамдарда ушул нерсе вужудга келсе, өкүмдөрдү саясий пикирге айландыруу алардын өздөрүнө байланыштуу болуп калат. Алардын өздөрү шаръий өкүмдөрдү саясий пикирге айландырышат. Сиздин ишиңиз эскертүү жасоо, жол көрсөтүү гана болуп калат. Ушуга караганда, шаръий өкүмдөрдү саясий пикирлерге айлантуу бардык адамдар үчүн оңой иш. Себеби, бул иш мулахаза жана жолдонмого муктаж болот. Мисалы, жалпы эркиндиктерди алалы. Эгер адамдар мунун акыйдага тескерилигин же анын акыйдадан келип чыкпаганын көрүшсө, артыкча урунбастан эле оңой гана таштаашат. Ал эми, аларда «бул иш акыйдадан келип чыккан же акыйдага тескери эмес» деген түшүнүк дагы деле бар болсо, ал саясий пикирге айланган болсо да, аны таштоо оңой болбойт. Себеби, бул иш алардын акыйдасына байланыштуу. Ушуга караганда, анын акыйдага тескерилигин, акыйдадан келип чыкпаганын түшүнүүлөрү шарт. Ансыз алар жалпы эркиндиктерди таштаашпайт. Насронийдин кафирлиги, арактын арамдыгы, батыштык же чыгыштык болушуна карабастан, кафирлердин өкүмдар болушу жайиз эместиги, акимдин шаръий өкүм менен иш жүргүзүшүнүн фарздыгы сыяктуу иштердин баары акыйдага байлап алуу менен түшүнүп алына турган оңой иштер. Мисалы, Алла Тааланын:

﴿ لَّقَدۡ كَفَرَ ٱلَّذِينَ قَالُوٓاْ إِنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡمَسِيحُ ٱبۡنُ مَرۡيَمَۖ ﴾

- ***""Алла – Масих ибн Мариям" деген кишилердин кафир болгондуктары анык".*** **[5:17]**

аяты мусулмандын насронийди кафир деп этибар кылышына:

﴿ فَهَلۡ أَنتُم مُّنتَهُونَ ﴾

- ***"Эми токторсуңар!".*** **[5:91]**
аяты арақты арам деп билүүгө;

﴿ وَلَن يَجۡعَلَ ٱللَّهُ لِلۡكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ سَبِيلًا ﴾

- ***"Алла эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт".*** **[4:141]**
аятын шархы менен билүү кафирлердин өкүмдар болушу жайиз эместигин катъий билип алууга;

﴿ فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤۡمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيۡنَهُمۡ ﴾

- ***"Жок, Роббиңе ант, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча… эч качан момун боло алышпайт",*** **[4:65]**

﴿ وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ ﴾

- ***"Расул өзү силерге алып келген нерсени алгыла, ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла",*** **[59:7]**
аяттары акимдин шаръий өкүм менен иш жүргүзбөөсүн күнөө же куфр деп итикад кылышыңызга жетиштүү.

Ислам диярларында иштерди башкаруу шаръий өкүмдөр жолунан барса, өтө оңой болот. Жолдун башы ошол болсо, ийгиликке жетишүү жеңил жана кепилденген болот. Ошондуктан да, адамдарда тапкырлыкты вужудга келтирүү жеңил болот. Себеби, иш шаръий өкүмдөрдү саясий пикирлерге айландыруудан башталат. Бул жеңил жана ыңгайлуу иш. Эми экинчи иш калып жатат. Ал тез мулахазакерлик же вакиъни тез ылгап алуу. Бул иш жүзөгө келтирүүгө жана тарбияга муктаж. Этибар берүүнүн өзү жетиштүү болбойт. Вакиъни тез ылгап алуу т.а. тез мулахазакерликти вужудга келтирүү менен тапкырлыкты вужудга келтирүүнүн ортосунда айырма бар. Жогоруда айтып өткөндөрүбүз тапкырлыкты вужудга келтирүү туурасында айтылган болсо да, тез мулахазакерликти пайда кылууга каратылган. Себеби, тапкырлыкты вужудга келтире турган фактор анын өзү. Ал биринчи борбор болсо да, тапкырлык жаатында экинчи даражалуу деп этибар кылынат. Себеби, аны акыйдага, андан келип чыга турган шаръий өкүмдөргө байлоо тапкырлыкты вужудга келтирет.

Тез мулахазакерликти пайда кылуунун өзү жетиштүү эмес. Ал биринчи борбор болсо да, тапкырлыкты вужудга келтирбейт. Сүйлөөчүнүн максатын билүү да шарт. Бул максат анын өзү түшүнүп жаткан жана аны акыйдадан келип чыккан деп билип жаткан шаръий өкүм менен байлануудан түшүнүлөт. Ушуга караганда, аны байлоо жана максатты билүү үчүн бириктирүүчү фактордун болушу шарт. Мына ошондо тез мулахазакерлик деген нерсе жүзөгө келет. Айтылып жаткан сөз, болуп жаткан вакиъликтин өзү тез мулахазакерликти вужудга келтирсе да, бирок, ал бириктирүүчү факторго байланбаса, угуучуларда тапкырлык пайда болбойт.

Ушуга караганда, исламий үммөттөй бир үммөт фикратты исламий пикирге айлантуу мүмкүнчүлүгүн кыла алса, күндөлүк окуялар акыйдадан келип чыккан өкүмдөргө байланып, анда тапкырлык жүзөгө келет. Демек, маселе – сырттан вакиъни тез ылгап алууга т.а. тез мулахазакерликти вужудга келтирүүгө алакадар көрүнсө да – негизи, фикратты жана шаръий өкүмдү саясий пикирге айландырууга алакадар болгон тапкырлык маселеси. Ошондуктан да, биз тез мулахазакерлик же вакиъни тез ылгап алуу деген нерселерге карап олтурбай, бар этибарыбызды исламий фикратты жана шаръий өкүмдөрдү саясий пикирге айландырууга каратабыз. Ушунун негизинде, үммөттө же адамдарда тапкырлыкты вужудга келтирүү эң оболу исламий пикирди саясий пикирге айландыруу менен болот. Тапкырлыкты вужудга келтирүү канчалык шарт болсо, бул ишти Ислам негизинде кылуу ушунчалык шарт. Демек, биринчиден – исламий пикир; экинчиден – аны саясий пикирге айланту; жана андан кийин тапкырлыкты вужудга келтирүү. Мисалы, кафирлердин кафир болгондуктары үчүн алар менен согушуу жөнөкөй бир иш жана ал шаръий өкүм. Жизя алуу болсо – согуш кылуудан кайтаруу. Тынчтыкты каалагандыктары үчүн алардан жизя алынат. Демек, тынчтыкты каалаган кафирлерден жизя алынат, согушту каалаган кафирлер менен согушулат. Бул бир исламий пикир болуп, эң биринчи качан согушуу, качан амандык берүү маалым болгондон кийин, аны фикхий пикирге эмес, саясий пикирге айлантуу көздөлгөндө тапкырлык керек болот. Алардын абалдарын билүү үчүн тапкырлык зарыл. Бул нерсе алардын иштеринен же сөздөрүнөн пайда болот. Ушуга караганда, пикирди

биринчиден исламий, экинчиден саясий кылуу, андан кийин тапкырлыкты вужудга келтирүү шарт. Тапкырлык канчалык шарт болсо, анын Ислам негизинде т.а. шаръий өкүм негизинде болушу да ушунчалык зарыл. Андан башкаларын болсо – аларды да тапкырлык деп атоо мүмкүн болсо да – биз аларды кабыл албайбыз. Алар менен ишибиз болбойт. Биз бир гана исламий пикирди кабыл алабыз, калганы менен ишибиз жок. Исламий пикир негиз болуп, тапкырлык анын тутумундагы бир бөлүгү. Ал тургай, көчөдөгү бензинди көрүү окуясында да тапкырлык анын бензин экендигин ылгап алуудан пайда болсо да, аны элестетүү исламий пикирден т.а. Алла Тааланын коркунучтан кайтаргандыгынан келип чыгышы шарт. Биз коркунучтан саламат калуу үчүн гана эмес, шарияттын өкүмү ушул болгону үчүн качабыз. Башка мисалдар да ушундай. Демек, эң биринчи исламий пикир болуп, андан кийин тапкырлык жүзөгө келет.

**24-зулкаъда 1396-хижрий**
**16-ноябрь 1976-миладий**